| вре́мя звёздное | жылдыз убактысы (жазгы күн-түн теңелүү чекитинин саат бурчу). |
| вре́мя ле́тнее | жайкы убакыт (электроэнергияны экономдоо максатында өлкөлөрдүн көбүндө жай мезгилинде сааттардын стрелкалары бир саатка алга коюлат. Күзүндө стрелкалар кайра калыбына келтирилет. СССР де сааттардын бардыгы 1930-ж. дайыма бир саатка алга коюлган декреттик убакыт). |
| вре́мя ме́стное | жергиликтүү убакыт (Жердин бетинде бир меридианда жайланышкан че- |



| | |
|---|---|
| | киттердин убактысы). |
| вре́мя мирово́е | ааламдык убакыт *к.* время всемирное. |
| вре́мя моско́вское | Москва убактысы (экинчи алкактын декреттик убактысы). |
| вре́мя ньютоновское | ньютондук убакыт к. время эфемеридное. |
| вре́мя поясно́е | алкак убактысы (бардык Жер шары 24 алкакка бөлүнгөн. Ар бир алкак 15° же 1 саатка барабар. Ошондуктан, мисалы, Москва 2, Фрунзе 5 алкактарда болгондуктан бул эки шаардын убакыттары үч саатка айырмаланат). |
| вре́мя со́лнечное и́стинное | чыныгы Күн убактысы (Күндүн дискасынын борборунун саат бурчу). |
| вре́мя со́лнечное сре́днее | орточо Күн убактысы («орточо Күндүн» борборунун точкасынын саат бурчу). |
| вре́мя сре́днее звёздное | орточо жылдыз убактысы («орточо» күн-түн теңелүү точкасынын саат бурчу). |
| вре́мя эфемери́дное | эфемеридалык убакыт (Жердин өз огунун тегерегинде айланышы бир калыпта эмес. Абсолюттук бир калыпта өзгөрүүчү убакыт эфемеридалык убакыт болот. Бул өтө кеңири асман телолордун абалдарын теория жүзүндө эсептеп чыгарууда пайдаланылат). |
| Вселе́нная | Дүйнө, аалам. |
| Вселе́нная безграни́чная | чеги жок Дүйнө, аалам. |
| Вселе́нная бесконе́чная | чексиз Дүйнө, аалам. |
| всеми́рное тяготе́ние | бүткүл дүйнөлүк тартылыш. |
| Всесою́зное астроно́мо-геодези́ческое о́бщество (ВАГО) | Бүткүл союздук астрономо-геодезиялык коом (БСАГК) (астрономиялык, геодезиялык, картографиялык билимдерди |

| | |
|---|---|
| | жана материалисттик илимий көз карашты элдер ортосунда таратуучу коом). |
| вспомога́тельный ке́плеров кру́г | Кеплердин жардамчы тегереги (эллипстик орбитанын чоң огун диаметр катарында алып түзүлгөн тегерек). |
| вспы́шка интенси́вности ра́диоизлуче́ния Со́лнца | Күндүн радио нурлантышынын интенсивдүүлүгүнүн жарк этиши (Күн тарабынан радиотолкундардын кескин түрдө күчтүү нурлантылынып кетиши). |
| вспы́шка звёзд | жылдыздардын жарк этиши (жылдыздын кокустан жалындап от алып кетиши). |
| вспы́шка метео́ра | метеордун жарк этиши (метеордун атмосферага кирген кезинде өтө бат жалындап, от алып күйүп кетиши). |
| втора́я че́тверть Луны́ | Айдын экинчи чейреги (Айдын геоцентрлик узундугу 90° барабар болгон кези). |
| втори́чные косми́ческие лучи́ | экинчи космостук нурлар (Космостон келген заряддалган бөлүкчөлөрдүн таасири астында Жердин атмосферасында пайда болгон заряддалган бөлүкчөлөрдүн агымы). |
| вто́рник | шейшемби. |
| вы́вод на орби́ту | орбитага чыгаруу. |
| выведе́ние спу́тника на орби́ту | спутниктин орбитага чыгарылышы. |
| высота́ | бийиктик (координаталардын горизонталдык системасынын координатасы). |
| высота́ апоге́я спу́тника | спутниктин апогейинин бийиктиги (спутниктин Жердин бетинен эң чоң бийиктиги). |
| высота́ апоце́нтра | апоцентрдин бийиктиги (борбордук телодон афелийге чейинки аралык). |



| | |
|---|---|
| высота́ периге́я | перигейдин бийиктиги (спутниктин Жердин бетинен эң минималдуу бийиктиги). |
| высота́ перице́нтра | перицентрдин бийиктиги (борбордук телодон перигелийге чейинки аралыгы). |
| высота́ по́люса ми́ра | Ааламдын уюлунун бийиктиги (болжол менен Алтын казыктын горизонттон бийиктиги). |
| высота́ свети́ла | жарык чыгаруучунун бийиктиги. |
| высотоме́р | высотомер (жарык чыгаруучулардын бийиктигин ченөөчү курал). |
| вы́ход, вне́шний конта́кт | чыгуу, тышкы контакт (Чолпон Күндүн дискасы аркылуу өткөн кезде байкалуучу кубулуш). |
| вы́ход, вну́тренний конта́кт | чыгуу, ички контакт (Чолпон Күндүн дискасы аркылуу өткөн кезде байкалуучу кубулуш). |
| выходно́й зрачо́к | чыгуучу карек («чексизге» фокусталган телескоптун окуляры тарабынан берилген объективдин сүрөттөлүшү). |
| вычисле́ние орби́ты | орбитаны эсептөө (асман телосунун орбитасын мүнөздөөчү чоңдуктарды эсептеп чыгаруу). |
| вычисле́ние траекто́рии | траекторияны эсептөө. |
| вычисле́ние эфемери́ды | эфемериданы эсептөө (орбитасы белгилүү болгон жарык чыгаруучунун түз чыгышын, жантайышын жана Жерден ага чейинки аралыгын эсептеп чыгаруу). |

## Г

| | |
|---|---|
| Га́азе | Гаазе (Айдын бетиндеги кратер). |

| | |
|---|---|
| га́зовая тума́нность | газ тумандуулугу (Космостук мейкиндикте негизинен газдан турган өтө чоң, сейрек булутка окшош объект). |
| га́зово-пылева́я тума́нность | газ-чаң тумандуулугу (Космостук мейкиндикте газдардын молекулаларынан, чаңдан түзүлгөн өтө чоң жана тыгыздыгы аз булутка окшош объект). |
| га́зово-пылево́е о́блако | газ-чаң булуту (газдын жана чаңдын аралашмасынан турган, тыгыздыгы өтө аз болгон Космостук мейкиндиктеги булут). |
| га́зовый хво́ст Земли́ | Жердин газ куйругу (Жер мейкиндикте кыймылга келгендиктен атмосферадагы газдардын ааламга жулунуп агып чыгуу натыйжасында пайда болгон газ агымы). |
| Га́йнцель | Гайнцель (Айдын бетиндеги кратер). |
| Гала́ктика | Галактика (элдик тилде Саманчынын жолу деп аталат. Ар түрдү жылдыздардын топтолуштарынан, газ жана чаң тумандуулуктардан, космостук чаңдан жана өзүнчө жеке атомдордон турган система. Көзгө көрүнгөн бардык жылдыздар жана Күн-Галактиканын мүчөлөрү. Жарык 300 000 *км/сек* ылдамдык менен Галактиканын бир четинен экинчи четине 90000 жылда барып жетет). |
| гала́ктика | галактика (биздин Галактикага окшош башка жылдыздык система, башкача айтканда Галактикадан тышкары тумандуулук, *к.* внегалакти́ческая тума́нность). |
| гала́ктика веретенообра́зная | ийик сыяктуу галактика (формасы ийиктей болгон биздин Галактикага окшош жылдыздык система). |
| гала́ктика взаимопроника́ющая | өз ара өтүүчү галактика (бири аркылуу бири өткөндүктөн, жылдыздары аралашып кеткен галактикалар). |
| гала́ктика гига́нтская | гиганттык галактика. |
| гала́ктика голуба́я | көгүлтүр галактика (көгүлтүр жарык нурлантуучу, эллипстик галактиканын жандоочусу). |
| гала́ктика ка́рлик | кодо галактика (өтө аз сандагы жылдыздардан турган галактика). |
| гала́ктика компа́ктная | компакттык галактика (негизинен ядродон эле турган галактика). |
| гала́ктика непра́вильная | туура эмес галактика (белгилүү формага ээ болбогон биздин Галактикага окшош жылдыздык система). |
| гала́ктика ова́льная | сүйрү галактика (формасы «о» тамгасындай сүйрү, биздин Галактикага окшош жылдыздык система). |
| гала́ктика пигме́й | пигмей галактика (сверхгигант галактикадан миллиондогон эсе начар галактика). |
| гала́ктика спира́льная | спиралдык галактика (формасы спираль түрүндөгү биздин Галактикага окшош жылдыздык система). |
| гала́ктика сверхгига́нтская | сверхгиганттык галактика (биздин Галактикадан бир |

канча эсе чоң болгон башка жылдыздык система).

**гала́ктика субка́рлик** — субкарлик галактика (биздин Галактикадан бир канча эсе кичине болгон башка жылдыздык система).

**гала́ктика сфери́ческая** — сфералык галактика (формасы сфера түрүндөгү биздин Галактикага окшош жылдыздык система).

**гала́ктика эллипти́ческая** — эллипстик галактика (формасы эллипс түрүндө болгон биздин Галактикага окшош жылдыздык система).

**гала́ктика я́ркая** — жарык галактика.

**галакти́ческая пло́скость** — галактикалык тегиздик (Галактиканын экватору аркылуу өтүүчү тегиздик).

**галакти́ческая концентра́ция** — галактикалык концентрация (Галактиканын тегиздигине жакындаган сайын асман сферасынын бирдик аянтына туура келген жылдыздардын санынын өсүшү).

**галакти́ческая систе́ма координа́т** — координаталардын галактикалык системасы (негизги тегиздик үчүн Галактиканын тегиздиги алынган координат системасы).

**галакти́ческая тума́нность** — галактикалык тумандуулук (Галактиканын составына кирүүчү газдан, чаңдан, жана алардын аралашмасынан турган тумандуулук).

**галакти́ческий по́люс** — галактиканын уюлу (Галактиканын түндүк уюлу Вероникaнын Чачы деген топ жылдызда жатат. Анын экваториалдык координаталары: $\alpha=12^h\ 40^m \delta=28°$, Түштүк уюлу Скульптор топ жылдызында жатат).



**галакти́ческий эква́тор** — Галактиканын экватору (асман экваторуна 62° менен жайланышкан тегиздиктин асман сферасы менен кесилишкен чоң тегереги. Бул Галактиканын орточо сызыгы менен дал келет).

**галакти́ческие звёздные скопле́ния** — жылдыздардын галактикалык топтолуштары (өтө чачылган, бирок баары чогуу, болжол менен Галактиканын тегиздигине жарыш багыт боюнча кыймылга келген жылдыздардын тобу).

**галакти́ческие координа́ты** — галактикалык координаттар галактикалык узундук—$l$. Галактиканын чыгуу түйүнүнөн ($\alpha=18^h\ 40^m$) түз чыгыш өсүү багыты боюнча эсептелет, галактикалык кеңдик $b$—галактиканын экваторунан түндүктү көздөй оң сан менен, түштүктү көздөй терс сан менен 0°-тан 90°-ка чейин эсептелет).

**галкти́ческий у́зел** — галактиканын түйүнү (галактиканын экватору менен асман экваторунун кесилиш точкасы).

**галакти́ческий у́зел восходя́щий** — галактиканын чыгуу түйүнү (асман сферасынын түндүк жарым шарын көздөй галактикалык узундуктун өсүшүнүн башталыш точкасы).

**галакти́ческий у́зел нисходя́щий** — галактиканын түшүүчү түйүнү (галактиканын чыгуу түйүнүнө карама-каршы жатуучу точка).

**галакти́ческое взаимоде́йствие** — галактикалык өз ара аракеттенүү (бири-бири менен жылдыздардан турган тосмо аркылуу туташтырыл-

ган галактикалардын системасы).

галактическое ядро — галактика ядросу.

галос — галос (атмосфералык кубулуш. Күндүн же Айдын тегерегинде айлана түрүндө пайда болуучу короолор: Айдын короосу, Күндүн короосу).

Гамбар — Гамбар (Айдын бетиндеги кратер).

гамма-астрономия — гамма-астрономия (гамма нурларында изилдөө жүргүзүүчү астрономия).

Ганимед — Ганимед (диаметри 48 *км* болгон астероид; Юпитердин үчүнчү спутниги, диаметри 1071 *км*).

Ганстин — Ганстин (Айдын бетиндеги кратер).

Гассенди — Гассенди (диаметри 96 км болгон Айдын бетиндеги цирк).

Гаурик — Гаурик (Айдын бетиндеги кратер).

Гаусс — Гаусс (Айдын бетиндеги кратер).

гауссова кривая — гаусстун ийриси (кокустук аталар болгондуктан ченелүүчү чоңдуктун орточо мааниден четтелишин туюнтуучу график).

Геба — Геба (диаметри 189 *км* бараабр болгон астероид).

Геликон — Геликон (Айдын бетиндеги кратер).

гелиограф — гелиограф (Күнгө изилдөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү курал).

гелиографическая долгота — гелиографиялык узундук (координаталардын гелиографиялык системасынын координатасы).

гелиографические координаты — гелиографиялык координаталар (Күндүн бетиндеги кандайдыр деталдын абалын аныктоо үчүн алынат: гелиографиялык узундук жана гелиографиялык кеңдик).

гелиографическая система координат — координаталардын гелиографиялык системасы (Күндүн бетиндеги точканын абалын аныктоо үчүн алынган координаталар системасы).

гелиографическая широта — гелиографиялык кеңдик (координаталардын географиялык системасынын координатасы).

гелиодвигатель — гелиокыймылдаткыч (Күндүн энергиясы менен иштөөчү кыймылдаткыч).

гелиометр — гелиометр (жылдыздардын ортосундагы бурчтук аралыкты аныктоо үчүн объективи диаметри боюнча экиге бөлүнүп жасалган телескоп).

гелиосварка — гелиоширетүү (Күндүн энергиясы менен пайдаланып металлдарды ширетүү).

гелиоскопический окуляр — гелиоскоптук окуляр (Күндүн нурунун интенсивдүүлүгүн чагылтуу жана уюлдантуу жолу менен кемитүүчү окуляр).

гелиостанция — гелиостанция (Күнгө байкоо жүргүзүүчү мекеме).

гелиоустановка — гелиоустановка (Күнгө байкоо жүргүзүү үчүн жасалган курал).

гелиофизик — гелиофизик (Күндүн физикалык табийгатына изилдөө жүргүзүүчү адис).

гелиофизика — гелиофизика (Күндөгү физикалык шарттарга жана кубулуштарга изилдөө жүргүзүүчү илим).

гелиоцентрическая долгота — гелиоцентрлик узундук

(координаталардын гелиоцентрлик системасынын координатасы).

«гелиографическая долгота́ восходя́щего узла́ орби́ты — орбитанын чыгуучу түйүнүнүн гелиоцентрлик узундугу.

гелиоцентри́ческая систе́ма — гелиоцентрлик система (борборунда Күн турган система—биздин Күн системa).

гелиоцентри́ческая систе́ма координа́т — координаталардын гелиоцентрлик системасы (координатанын башталышы Күндүн борборунда алынган координаталар системасы).

гелиоцентри́ческая систе́ма мира Копе́рника — Коперниктин аалам жөнүндөгү гелиоцентрлик системасы (ааламдын борборунда Күн жана анын тегерегинде планеталар кыймылга келет деп Коперник тарабынан табылган система).

гелиоцентри́ческая широта́ — гелиоцентрлик кеңдик (координаталардын гелиоцентрлик системасынын координатасы).

гелиоцентри́ческие координа́ты — гелиоцентрлик координаталар (гелиоцентрлик узундук жана кеңдик).

гелиоцентри́ческое мировоззре́ние — гелиоцентрлик көз караш (Коперниктин көз карашы).

гелиоцентри́ческое положе́ние свети́ла — жарык чыгаруучунун гелиоцентрлик абалы.

гелиоэлектроста́нция — гелиоэлектростанция (Күндүн энергиясы менен иштөөчү электростанция).

Ге́лл — Гелл (Айдын бетиндеги кратер).

Ге́мик — Гемик (Айдын бетиндеги кратер).

гемини́ды — геминиддер (5-декабрдан 15-декабрга чейин Эгиз топ



жылдызынан байкалуучу метеордук агым).

Ге́мма — Гемма (Түндүк Таажы топ жылдызынын α — жылдызы, спектралдык кош жылдыз).

географи́ческая долгота́ — географиялык узундук (координаталардын географиялык системасынын координатасы).

географи́ческая систе́ма координа́т — координаталардын географиялык системасы (Жердин бетиндеги точканын абалын аныктоо үчүн алынган координаталардын сфералык системасы).

географи́ческая широта́ — географиялык кеңдик (координаталардын географиялык системасынын координатасы).

географи́ческое ме́сто свети́ла — жарык чыгаруучунун географиялык орду (жарык чыгаруучу зенитте болгон Жердин бетиндеги чекит).

геодези́ческий а́зимут — геодезиялык азимут.

геодези́ческий зна́к — геодезиялык белги (бийиктиги бир канча ондогон метр болгон бурч ченөөчү куралдар орноштурулган мунара).

геодези́ческий сигна́л — геодезиялык сигнал (*к.* геодезический знак).

гео́ид — геоид (Жердин чыныгы формасы).

геокоро́на — геокорона (Жердин таажысы, сейректелген газдан турган радиусу 20000 *км* ге чейин сфера).

геомагни́тная паралле́ль — геомагниттик параллель (Жер шарынын магниттик параллели).

геомагни́тный по́люс — геомагниттик уюл (Жердин магниттик уюлу).

геомагни́тный эква́тор — геомагниттик экватор (Жердин магниттик экватору).

геометри́ческая светоси́ла — геометриялык жарык күчтүүлүгү (өлчөмү чоң болгон объекттин сүрөттөлүшүнүн ачыктыгын мүнөздөөчү чоңдук. Бул чоңдук объективдин диаметринин квадратынын анын фокус аралыгынын квадратына болгон катышы менен ченелет).

геотерми́ческий градие́нт — геотермикалык градиент (Жердин ичине ар бир метр тереңдеген сайын канча градуска температура жогорулай тургандыгын көрсөтүүчү чоңдук).

геоцентри́ческая долгота́ — геоцентрлик узундук (жазгы күн-түн теңелүү точкасынан саат стрелкасына карама-каршы багыт боюнча эсептелүүчү чоңдук).

геоцентри́ческая систе́ма — геоцентрлик система (ааламдын борборунда Жер турат деп алынган система).

геоцентри́ческая систе́ма коорди́на́т — координаталардын геоцентрлик системасы (координатанын башталышы Жердин борборунда деп алынган координат системасы).

геоцентри́ческая широта́ — геоцентрлик кеңдик (координаталардын геоцентрлик системасынын координатасы).

гео́центри́ческое мировоззре́ние — геоцентрлик көз караш (ааламдын борборунда Жер турат деп эсептөөчү көз караш).

геоцентри́ческое положе́ние свети́ла — жарык чыгаруучунун геоцентрлик абалы.

геоцентри́ческое расстоя́ние — геоцентрлик аралык (Жердин борборунан жарык чыгаруучуга чейинки аралык).

Ге́рике — Герике (Айдын бетиндеги кратер).



Геркуле́с — Геркулес (диаметри 96 км болгон Айдын бетиндеги цирк; топ жылдыз, элдик наамы Мастан).

геркули́ды — геркулидалар (радианты Геркулес топ жылдызындагы метеордук агым).

Герме́с — Гермес (диаметри 1,5 *км* болгон астероид).

гермети́зи́рованный конте́йнер — герметизацияланган контейнер (ички бөлүгү тышкы чөйрөдөн таптакыр изоляцияланган туюк система; космостук кораблдин кабинасы).

гермошле́м — гермошлем (суу астына түшүүчү водолаздардын скафандрларына окшош космонавттардын герметизацияланган башына кийүүчү скафандры).

Геродо́т — Геродот (Айдын бетиндеги кратер).

Ге́ртнер — Гертнер (Айдын бетиндеги кратер).

Ге́ршель — Гершель (Айдын бетиндеги цирк).

Ге́рц — Герц (Айдын көрүнбөс жагындагы кратер).

Гиа́ды — Гиадалар (Телец топ жылдызындагы жүзгө жакын жылдыздан турган жылдыздардын чагылган топтолушу).

гига́нты — гиганттар (диаметрлери биздин Күндүн диаметринен бир канча ондогон эсе чоң болгон жылдыздар).

Ги́гин — Гигин (Айдын бетиндеги кратер).

ги́д — гид (көрүү талаасы чоң, телескопко жанаша орнотулган дүрбү).

Гидальго́ — Гидальго (диаметри 25—

| | |
|---|---|
| | 50 *км* жакын болгон астероид). |
| Ги́дра | Гидра (топ жылдыз). |
| гидри́ды | гидридалар (радианты Гидра топ жылдызындагы метеордук агым). |
| гиперболи́ческая орби́та | гиперболалык орбита (гипербола формасындагы туюк эмес ийри сызыктуу орбита). |
| гиперболи́ческая ско́рость | гиперболалык ылдамдык (Күн системасы үчүн 16,3 *км/сек* барабар). |
| гиперболи́ческая траекто́рия | гиперболалык траектория (Күн системасы үчүн ылдамдыгы 16,3 *км/сек* чоң болгон нерсенин кыймыл траекториясы). |
| Гиперио́н | Гиперион (диаметри 500 *км* болгон Сатурндун спутниги). |
| гипо́теза | гипотеза (илимий пикир). |
| гипо́теза баллисти́ческая | баллистикалык гипотеза. |
| гипо́теза Бюффо́на | Бюффондун гипотезасы (планеталар Күн менен комета кагылышкандан пайда болгон деп эсептөөчү гипотеза). |
| гипо́теза вулкани́ческого пе́пла | вулкандык күл гипотезасы (кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча Айдын бети Айдагы вулкандар атылып чыкканда пайда болгон күл менен капталган). |
| гипо́теза выве́тривания | желдин таасири астында бузулуу гипотезасы. |
| гипо́теза Да́рвина | Дарвиндин гипотезасы (Дарвиндин көз карашы боюнча Ай Жерден бөлүнүп чыккан). |
| гипо́теза Джи́нса | Джинстин гипотезасы (бул гипотеза боюнча планеталар Күн менен кандайдыр |



| | |
|---|---|
| | бир жылдыздын кезигишкенинен пайда болгон). |
| гипо́теза завлече́ния | жүгүнтүү гипотезасы (кометалар гигант — планеталар тарабынан ааламдан кармап алынган деген көз караш). |
| гипо́теза изверже́ния | атылып чыгуу гипотезасы (кометалар гигант планеталарда вулкандардын атылышынан пайда болгон деген көз караш). |
| гипо́теза захва́та | кармап алуу гипотезасы *к.* гипотеза завлечения. |
| гипо́теза Ка́нта | Канттын гипотезасы (Күн жана планеталар космостук булуттан пайда болгон деп эсептөөчү көз караш). |
| гипо́теза контро́льная | контролдук гипотеза. |
| гипо́теза косми́ческой пы́ли | космостук чаң гипотезасы (Айдын бети космостон келген чаң менен капталган деген көз караш). |
| гипо́теза космогони́ческая | космогониялык гипотеза (Күн системасы пайда болушу жөнүндөгү пикир). |
| гипо́теза Лапла́са | Лапластын гипотезасы (планеталар Күндөн шакек түрүндө бөлүнүп чыккан массадан уюшуп пайда болгон деген көз караш). |
| гипо́теза метеори́тная | метеориттик гипотеза (кометалар метеориттердин кагылышынан пайда болгон деген көз караш; Айдын бетиндеги кратерлер Айга келип түшкөн метеориттердин оюктары деген пикир). |
| гипо́теза механи́ческая | механикалык гипотеза. |
| гипо́теза небуля́рная | небулярдык гипотеза (Күн жана планеталар космостук булуттан же тумандан пайда болгон деген пикир). |
| гипо́теза образова́ния лу́нных | Айдын бетиндеги кратерлер- |

кра́теров — дин пайда болушу жөнүндөгү гипотеза.

гипо́теза пульса́ции — пульсация гипотезасы (цефеидалардын жарыктануучулугун түшүндүрүү үчүн алынган гипотеза).

гипо́теза рабо́чая — жумушчу гипотеза (иште такай колдонуучу гипотеза).

гипо́теза Ре́ссела — Ресселдин гипотезасы (жылдыздардын өнүгүшү, өсүшү жөнүндөгү гипотеза).

гипо́теза ротацио́нная — ротациялык гипотеза (негизги идеясы айлануу кыймыл болгон гипотеза, мисалы; Лапластын гипотезасы).

гипо́теза Фесе́нкова — Фесенковдун гипотезасы (планеталар Күндүн физика-химиялык эволюциясына карата бөлүнүп чыккан деген пикир).

гипо́теза физи́ческая — физикалык гипотеза.

гипо́теза шла́ка метеори́тного происхожде́ния — шлак метеориттерден пайда болгон деген гипотеза (кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча Айдын бети метеориттерден пайда болгон шлак менен капталган).

гипо́теза Шми́дта — Шмидттин гипотезасы (планеталар галактикалык тумандуулуктан Күндү ээрчип чыккан материядан уюшуп пайда болгон деген пикир).

гипо́теза экзоге́нная — экзогендик гипотеза (асман телосунун бетиндеги структуралар сыртгы таасир аркасында пайда болгон деген көз караш).

гипо́теза эндоге́нная — эндогендик гипотеза (асман телосунун бетиндеги структуралар ошол телонун ичинде өткөн процесстердин аркасында пайда



болду деген көз караш).

Гиппа́л — Гиппал (Айдын бетиндеги цирк).

Гиппа́рх — Гиппарх (Айдын бетиндеги циркти түздүк).

гла́вная звезда́ — башкы жылдыз (мисалы, кош жылдыздын бири).

гла́вная после́довательность — башкы удаалаштык (Ресселдин диаграммасынын бутагы).

гла́вные то́чки горизо́нта — горизонттун башкы точкалары (түндүк, түштүк, батыш, чыгыш).

гла́вный ма́ксимум — башкы максимум.

гла́вный ми́нимум — башкы минимум.

Глазена́пия — Глазенапия (астероид).

гло́була — глобула (диффузиялык тумандуулуктардын ичинде диаметрлери 4000—35000 астрономиялык бирдикке барабар болгон шар формасындагы объектлер. Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча булар эми уюшуп келаткан жаш жылдыздар).

гномо́н — гномон (горизонталдык тегиздикке тик орноштурулган стержень. Байыркы заманда географиялык кеңдикти жана убакытты аныктоодо колдонулган курал).

гномони́ческая прое́кция — гномоникалык проекция (асман сферасынын чоң тегеректери түз сызыктар болуп түшкөн проекция).

го́д — жыл.

го́д аномалисти́ческий — аномалистикалык жыл (1950-жылы анын узундугу $365^d 6^h 13^m 53^s$ барабар болгон).

го́д бе́сселев — бесселдин жылы (бул жылдын башы Күндүн орточо узундугу аберрациянын чоңдугуна (20″,5 Ньюкомб

боюнча) кемиткенде 280°0′ 0″ барабар болгон учурдан баштап эсептелет).

**го́д гражда́нский** — граждандык жыл (бул жылдын узундугу $365^d5^h49^m12^s$ барабар, же 365, 2425 орточо суткага барабар).

**го́д григориа́нский** — григориандык жыл (*к.* год гражданский).

**го́д дракони́ческий** — ажыдаар жылы (346, 620063 орточо суткага барабар).

**го́д звёздный** — жылдыздык жыл (1950-жылы ал 365, 256360 орточо суткага барабар болгон).

**го́д календа́рный** — календардык жыл (сутканын саны бүтүн сан менен туюнтулуучу жыл. Мисалы: 365 же 366 суткалуу жыл).

**го́д лу́нный** — айлык жыл (12 синодикалык айдан түзүлгөн жыл. Ал 354, 36 орточо суткага барабар).

**го́д просто́й** — жөнөкөй жыл (365 суткалуу жыл).

**го́д светово́й** — жарык жылы (жарыктын 300000 *км/сек* ылдамдык менен бир жыл ичинде өткөн аралыгы).

**го́д сидери́ческий** — сидерикалык жыл (Жер Күн тегерегинде бир жолу айланып чыгууга кеткен убакыт, башкача айтканда жылдыздык жыл).

**го́д синоди́ческий** — синодикалык жыл (планеталардын удаалаш эки бир атташ конфигурацияларынын ортосундагы убакыт).

**го́д тропи́ческий** — тропикалык жыл (Күндүн дискасынын борборунун удалаш эки жолу жазгы күн-түн теңелүү точкасы аркылуу өтүү үчүн кеткен убакыт. Ал 1950-жыл үчүн



365, 242196 орточо суткага барабар).

**го́д юлиа́нский** — юлиандык жыл (365, 25 орточо сутка).

**Го́дин** — Годин (Айдын бетиндеги кратер).

**годи́чное движе́ние Со́лнца** — Күндүн жылдык кыймылы (Күндүн бир жыл ичинде эклиптика боюнча болгон кыймылы).

**годи́чное уравне́ние** — жылдык теңдеме (Айдын перигейге келгенде анын бурчтук ылдамдыгынын 11′10″ кемиши).

**годи́чный пара́ллакс** — жылдык параллакс (жарык чыгаруучудан караганда Жердин орбитасынын чоң огунун жарымынын көрүнүү бурчу).

**годова́я преце́ссия** — жылдык прецессия (ар жыл үчүн төмөнкү теңдеме менен эсептелет: 50″, 2564—0″, 00022t; мында t — 1900 жылдан бери өткөн жылдардын саны).

**Гокле́н** — Гоклен (Айдын бетиндеги кратер).

**голова́ коме́ты** — кометанын башы (ядро менен команы чогуу алгандагысы).

**головно́е пятно́** — башкы так (Күндүн айлануу багыты боюнча алынганда алдынкы так).

**голубы́е гала́ктики** — көк галактикалар (эң акыркы убакта Аро тарабынан Кыз топ жылдызында табылган жаңы типтеги галактикалар).

**голубы́е ка́рлики** — көк кодолор (өтө кичине, бирок массалары салыштырмалуу өтө чоң көк жылдыздар).

**Го́лубь** — Көгүчкөн (топ жылдыз).

**Го́ммель** — Гоммель (Айдын бетиндеги кратер).

| | |
|---|---|
| Го́нчие Псы́ | Гончие Псы (топ жылдыз). |
| горизо́нт | горизонт (асман сферасы менен математикалык горизонттун кесилиш сызыгы). |
| горизо́нт ви́димый | көрүнгөн горизонт (айлана түрүндөгү асман менен Жер кошулгандай болуп көрүнгөн сызык). |
| горизо́нт и́стинный | чыныгы горизонт (*к.* математический горизонт). |
| горизо́нт математи́ческий | математикалык горизонт (асма сызыкка перпендикуляр, асман сферасынын борбору аркылуу өткөн тегиздиктин асман сферасы менен кесилиш сызыгы). |
| горизо́нт физи́ческий | физикалык горизонт (*к.* видимый горизонт). |
| горизонта́льная пло́скость | горизонталдык тегиздик. |
| горизонта́льная систе́ма координа́т | координаталардын горизонталдык системасы (негизги тегиздик үчүн математикалык горизонттун тегиздиги алынган координаталардын сфералык системасы). |
| горизонта́льные координа́ты | горизонталдык координаталар (бийиктик жана азимут). |
| горизонта́льные со́лнечные часы́ | горизонталдык Күн сааты (циферблаты математикалык горизонтко жарыш кылып жасалган Күн сааты). |
| горизонта́льный паралла́кс | горизонталдык параллакс (асман телосу горизонтто болгон кезде ошол телодон караганда Жердин радиусунун көрүнүү бурчу). |
| горизонта́льный паралла́кс Луны́ | Айдын горизонталдык параллаксы (Ай горизонтто болгон кезде Айдан караганда Жердин радиусунун көрүнүү бурчу, ал 57′2″, 67 барабар). |



| | |
|---|---|
| горизонта́льный паралла́кс Со́лнца | Күндүн горизонталдык параллаксы (Күн горизонтто болгон кезде Күндөн караганда жердин радиусунун көрүнүү бурчу, ал 8″,8 барабар). |
| горизонта́льный экваториа́льный паралла́кс | горизонталдык экваториалдык параллакс (асман телосу горизонтто болгон кезде ошол телодон караганда Жердин экваториалдык радиусунун көрүнүү бурчу). |
| горизонта́льный поля́рный паралла́кс | горизонталдык уюлдук параллакс (асман телосу горизонтто болгон кезде ошол телодон караганда Жердин уюлдук радиусунун көрүнүү бурчу). |
| гороско́п | гороскоп (кишинин келечегин айтып берүү максатында планеталарга, жылдыздарга карап пал ачуу). |
| го́рные це́пи Луны́ | Айдын тоо кыркалары. |
| го́ры Луны́ | Ай тоолору. |
| го́ры Алта́й | Алтай тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры А́льпы | Альпа тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Аппени́ны | Аппенин тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Ге́мус | Гемус тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Ге́рцинские | Герцинский тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Даламбе́ра | Даламбер тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Дё́рфель | Дёрфель тоолору (Айдын түндүк уюлунда орношкон тоолор. Бул тоолор түбөлүк күндүү, себеби алар өтө бийик болгондуктан чокуларынан Күндүк нурлары эч качан кетпейт). |

| | |
|---|---|
| го́ры Кавка́з | Кавказ тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Карпа́ты | Карпат тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Ля́йбница | Ляйбниц тоолору (бийиктиги 9000 метрге жакын, башкача айтканда Жердин бетиндеги эң бийик Эверест тоосунун бийиктигине барабар). |
| го́ры Пирене́и | Пиреней тоолору (Айдын бетинде). |
| го́ры Скали́стые | Скалистый тоолору (бийиктиги 5800 *м*, жакын Айдын бетиндеги тоолор). |
| го́ры Та́вр | Тавр тоолору (Айдын бетинде). |
| грави́метр | гравиметр (оордук күчүн ченөөчү курал). |
| грави́метр стати́ческий | статикалык гравиметр (салыштырмалуу оордук күчүн ченөөчү курал). |
| гравиметри́я | гравиметрия (оордук күчүнө изилдөө жүргүзүүчү илим). |
| гравитацио́нное возмуще́ние | гравитациялык козголоң (гравитациялык талаанын таасири астында болгон козголоң). |
| гравитацио́нное по́ле | гравитациялык талаа (оордук күчтүн талаасы). |
| гравитацио́нное притяже́ние | гравитациялык тартылуу (Ньютондун бүткүл дүйнө тартылыш закону боюнча болгон тартылуу). |
| гравитацио́нное смеще́ние | гравитациялык жылышуу. |
| гравитацио́нный варио́метр | гравитациялык вариометр (түрдүү багыт боюнча оордук күчтүн өзгөрүшүн изилдөөчү курал). |
| гравитацио́нный колла́пс | гравитациялык коллапс (бүткүл дүйнөлүк күчтөрдүн таасири астында жылдыздын өтө бат эң кичине өлчөмгө чейин кысылышы). |



| | |
|---|---|
| гравитацио́нный потенциа́л | гравитациялык потенциал (гравитациялык талаанын потенциалы). |
| гравитацио́нный ра́диус систе́мы | системанын гравитациялык радиусу (сызыктуу өлчөм менен туюнтулгандагы системанын тынчтык массасынын чени: $r=\frac{\sigma M}{c^2}$ — мында σ — гравитациялык турактуу, м-системанын массасы, с — жарыктын ылдамдыгы). |
| гравити́рующие то́чки | гравитациялоочу точкалар. |
| градие́нт геотерми́ческий | геотермикалык градиент (Жердин ичине ар бир метр тереңдеген сайын температура канча градуска өсө тургандыгын көрсөтүүчү чоңдук). |
| градие́нт звёздной пло́тности | жылдыздар тыгыздыгынын градиенти (Галактикада берилген багыт боюнча бирдик аралыкка туура келген жылдыздардын санын мүнөздөөчү чоңдук). |
| градие́нт пло́тности вдо́ль ра́диуса Гала́ктики | Галактиканын радиусу боюнча тыгыздыктын градиенти ($m=-\frac{\partial \lg Д}{\partial R}$ мында Д — тыгыздык, R — галактиканын радиусу боюнча алынган аралык). |
| градие́нт пло́тности перпендикуля́рно пло́скости Гала́ктики | галактиканын тегиздигине перпендикулярдуу багыт боюнча тыгыздыктын градиенти ($l=-\frac{\partial l Д g}{\partial Z}$ мында Д — тыгыздык, Z — Галактиканын тегиздигине перпендикулярдуу багыт боюнча алынган аралык). |
| гра́дусное измере́ние | градустук ченөө (Жер меридианынын 1° жаасына кан- |

ча километр туура келе тургандыгын аныктоо).

| | |
|---|---|
| гражда́нские су́мерки | граждандык күүгүм (Күн горизонт астына 7° түшкөнгө чейинки күүгүм). |
| гра́нулы | гранулалар (Күндүн бетинде сүйрү формадагы абдан турумсуз объектилер). |
| грануля́ция | грануляция (Күндүн бетинин гранулалар менен капталышы). |
| гре́бни вало́в | валдардын кырлары (Айдын бетиндеги валдардын кырлары). |
| гре́бни кра́теров | кратерлердин кырлары. |
| гре́бни ци́рков | цирктердин кырлары. |
| григориа́нский календа́рь | григориандык календарь (1582-ж. кабыл алынган жана биз азыр пайдаланып жүргөн календарь). |
| Грима́льди | Гримальди (Айдын бетиндеги цирк). |
| гри́нвическое вре́мя | гринвич убактысы (Гринвич обсерваториясы аркылуу өткөн меридиандын убактысы). |
| Гру́мберг | Грумберг (Айдын бетиндеги кратер). |
| гру́ппа пя́тен | тактардын группасы (Күндүн бетинде). |
| группово́й полёт в Ко́смос | Космоско группалык учуу (12-август 1962 ж. тарыхта биринчи жолу «Восток-3» жана «Восток-4» советтик космостук корабдлери бирге учушкан). |
| Гу́ттенберг | Гуттенберг (Айдын бетиндеги цирк). |

## Д

| | |
|---|---|
| Дави́да | Давида (диаметри 230 *км* болгон астероид). |
| да́льность ви́димого горизо́нта | көрүнгөн горизонттун алыстыгы (тегиз жердин бетиндеги эң алыс көрүнгөн чекитке чейинки аралык: $d = 3{,}80\sqrt{H}$, мында d — көрүнгөн горизонттун алыстыгы, H — байкоочунун Жердин бетиндеги бийиктиги). |
| да́льная косми́ческая радиосвя́зь | алыскы космостук радио байланыш (Космосто алыс жайланышкан эки точканын ортосундагы радио байланыш). |
| движе́ние ви́димое | көрүнүүчү кыймыл. |
| движе́ние гла́вное | башкы кыймыл (негизги кыймыл маанисинде). |
| движе́ние годи́чное | жылдык кыймыл (асман телосунун бир жыл ичинде жасаган кыймылы). |
| движе́ние звёзд | жылдыздардын кыймылы. |
| движе́ние Земли́ | Жердин кыймылы. |
| движе́ние и́стинное | чыныгы кыймыл. |
| движе́ние нутацио́нное | нутациялык кыймыл (Жердин суткалык айлануу огунун мезгили 18,6 жылга барабар болгон мезгилдүү кыймылы). |
| движе́ние обра́тное | тетири кыймыл (планеталардын чыгыштан батышты көздөй болгон көрүнүүчү кыймылы). |
| движе́ние орбита́льное | орбиталдык кыймыл (нерсенин орбита боюнча кыймылы). |
| движе́ние относи́тельное | салыштырмалуу кыймыл. |
| движе́ние параллакти́ческое | параллактикалык кыймыл (Жердин орбиталдык кыймылы аркасында жылдыздардын көрүнүүчү кыймылы). |
| движе́ние пекуля́рное | пекулярдык кыймыл (күн системасынын кыймылына көз карандысыз болгон жылдыздардын мейкиндиктеги чыныгы кыймылы). |
| движе́ние периге́лия | перигелийдин кыймылы. |

| | |
|---|---|
| движéния петлеобрáзное | тузак түрүндөгү кыймыл (планеталардын көрүнүүчү кыймылында чийилген траектория). |
| движéние планéт | планеталардын кыймылы. |
| движéние пóлюса мúра | ааламдын уюлунун кыймылы (прецессия болуу натыйжасында ааламдын огунун которулушунан келип чыккан кубулуш). |
| движéние пóлюса мúра | Жердин уюлдарынын кыймылы (Жердин суткалык айлануу огу Жер шарына салыштырганда тынымсыз өзгөрүп турат, ошондуктан Жердин уюлдары дагы кыймылда). |
| движéние полюсóв Землú | Жердин уюлдарынын кыймылы (Жердин суткалык айлануу огу Жер шарына салыштырганда тынымсыз өзгөрүп турат, ошондуктан Жердин уюлдары дагы кыймылда). |
| движéние попятное | тетири кыймыл (*к.* движение обратное). |
| движéние прямóе | түз кыймыл (планетанын батыштан чыгышты көздөй болгон көрүнүүчү кыймылы). |
| движéние ракéты | ракетанын кыймылы. |
| движéние сóбственное | өздүк кыймыл (бир жыл ичинде жаалык секунда менен туюнтулган жылдыздын толук мейкиндик ылдамдыгынын асман сферасына жаныма болгон тегиздикке түшүрүлгөн проекциясы). |
| движéние Сóлнца в прострáнстве | Күндүн мейкиндиктеги кыймылы. |
| движéние спýтника | спутниктин кыймылы. |
| движéние сýточное | суткалык кыймыл (градус менен өлчөнгөндө асман телосунун орбита боюнча бир сутка ичинде өткөн аралыгы). |
| движéние цéнтра мáсс | масса борборунун кыймылы. |
| движéние цéнтра тя́жести систéмы | системанын оордук борборунун кыймылы. |
| движéние эллиптúческое | эллипстик кыймыл (нерсенин эллипс траекториясы боюнча кыймылы). |
| двúжущиеся звёздные скоплéния | жылдыздардын кыймылдагы топтолушу (жылдыздардын галактикалык топтолушу, мисалы: Үркөр, муну түзүүчү бардык жылдыздар Галактиканын тегиздигине жарыш багыт боюнча кыймылга келишет). |
| двойны́е звёзды | кош жылдыздар (биринин тегерегинде бири же жалпы масса борбору тегерегинде кыймылга келүүчү жылдыздар; эч байланышы жок, болжол менен бир багытта көрүнгөн эки жылдыз). |
| двухсторóнняя космúческая свя́зь | эки жактуу космостук байланыш (биринчи жолу мындай байланыш «Восток-3» жана «Восток-4» космостук кораблдеринин ортосунда болгон). |
| двухтóмный каталóг Шéрра | Шеррдин эки томдуу каталогу (1935-жылга чейин белгилүү болгон 94731 жылдыздын өздүк кыймылдары берилген каталог). |
| Дéва | Кыз (зодиакалдык топ жылдыз). |
| Дéймос | Деймос (диаметри 8 км болгон Марстын спутниги). |
| Декáрт | Декарт (Айдын бетиндеги кратер). |



5* 2206/1

| | |
|---|---|
| Деламбр | Деламбр (Айдын бетиндеги кратер). |
| деление Кассини | Кассининин бөлүшү (Сатурндун ортонку жана сырткы шакегин бөлүп туруучу кеңдиги 300 *км* болгон аралык). |
| Делиль | Делиль (Айдын бетиндеги кратер). |
| делитель частоты | жыштыкты бөлүүчү (курал). |
| Дельфин | Дельфин (топ жылдыз, элдик наамы — Толтой). |
| демаркационная линия | демаркациялык сызык (эл аралык келишим боюнча дата өзгөрүү сызыгы. Болжол менен -ал 180° меридиан аркылуу өтөт). |
| Денеб | Денеб (Ак Куу топ жылдызынын $\alpha$-жылдызы). |
| Денебола | Денебола (Арстан топ жылдызынын $\beta$-жылдызы). |
| день весеннего равноденствия | жазгы күн-түн теңелүү күнү (21-март). |
| день зимнего солнцестояния | кышкы күн токтолгон күн (22-декабрь). |
| день летнего солнцестояния | жайкы күн токтолгон күн (22-июнь). |
| день осеннего равноденствия | күзгү күн-түн теңелүү күнү (23-сентябрь). |
| десквамация | десквамация (температуранын өзгөрүшүнүн натыйжасында асман телосунун сырткы кыртышынын жарылышы, өзгөрүшү). |
| деферент | деферент (Птоломейдин системасында эпициклдин борбору кыймылга келүүчү Жердин айланасындагы негизги айлана). |
| деятельность Солнца | Күндүн аракети (Күндүн тактарынын, магнит талаасынын, жарылууларынын, энергия нурлантышынын активдүлүгүн мүнөздөөчү түшүнүк). |



| | |
|---|---|
| Джордано Бруно | Джордано Бруно (Айдын көрүнбөс жагындагы нурдук системанын борбору). |
| диаграмма | диаграмма. |
| диаграмма «масса-светимость» | «масса жарыктануучулук» диаграммасы. |
| диаграмма Рессела | Ресселдин диаграммасы. |
| диаграмма светлота — цвет | жарыктык-өң диаграммасы. |
| диаграмма спектр-светимость | спектр-жарыктануучулук диаграммасы. |
| диаметр звезд | жылдыздардын диаметри. |
| диаметр линейный | сызыктуу диаметр (асман телосунун километр же метр менен туюнтулган диаметри). |
| диаметр угловой | бурчтук диаметр (жарык чыгаруучунун бурч өлчөм менен туюнтулган диаметри). |
| динамический центр | динамикалык борбор (тынымсыз кыймылда болуп турган борбор, мисалы Жер-Ай системасынын масса борбору). |
| динамическое равновесие | динамикалык тең салмактуулук. |
| Диона | Диона (диаметри 1200 *км* барбар болгон Сатурндун спутниги). |
| дискретное излучение | дискреттүү нурланыш (үзгүлтүктү нурланыш). |
| дискретный источник | дискреттүү булак. |
| дифракция | дифракция (толкундун тунук эмес нерсени айланып өтүшү). |
| дифракционная решетка | дифракциялык решетка (толкунду дифракция кубулушуна дуушар кылуучу курал). |
| дифракционное кольцо звезды | жылдыздын дифракциялык шакеги (жарыкта толкун касиети болгондуктан телескопто жылдыздын сүрөттөлүшү борбордон сыртты көздөй интенсивдүүлүгү начарлануучу бир |

топ дифракциялык шакектерден түзүлөт).

дифракционный диск звезды — жылдыздын дифракциялык дискасы (*к.* дифракционное кольцо звезды).

дифракционный спектрограф — дифракциялык спектрограф (спектрди пайда кылуу үчүн призманын ордуна дифракциялык решетка алынган спектрограф).

Дифта — Дифта (Кит топ жылдызынын β—жылдызы).

диффузная материя — диффузиялык материя (ааламда учуратылуучу газдардын, чаңдардын булутка окшош чогуусу).

диффузная туманность — диффузиялык тумандуулук (*к.* диффузная материя).

диффузный объект — диффузиялык объект (*к.* диффузная материя).

диффузный объект с центральной конденсацией — борбордук конденсациялуу диффузиялык объект (борборунда коюлануусу бар диффузиялык материя).

длинноволновая радиация Солнца — Күндүн узун толкундуу радиациясы (Күндүн узун толкундуу радио толкундарды нурлантышы).

длиннофокусный объектив — узун фокустуу объектив.

дозиметрическая аппаратура — дозиметриялык аппаратура (рентген жана гамма нурларынын интенсивдүүлүгүн аныктоочу аппаратура).

дозиметрические измерения — дозиметриялык өлчөөлөр (ар кандай нурлануунун интенсивдүүлүгүн ченөө).

документальность фотографии звёзд — жылдыздардын фотографияларынын документалдуулугу (ар кайсы жылдарда тартылган жылдыздардын фотографиялары буларда өткөн өзгөрүүлөр жөнүндө документ болуп калат).

долгопериодические переменные звёзды — узак мезгилүү өзгөрүлмө жылдыздар (жылтырашынын өзгөрүшү 90 суткадан 700 суткага чейин болгон жылдыздар).



долгота ареографическая — ареографиялык узундук (координаталардын ареографиялык системасынын координатасы).

долгота в орбите — орбитадагы узундук (к. 2-сүр. L=γπ+πр=π+v=+π+ω+v).

долгота восточная — чыгыш узундук (Гринвич меридианынан чыгышты көздөй эсептелген узундук).

долгота восходящего узла — чыгуу түйүнүнүн узундугу (Күндөн жазгы күн-түн теңелүү точкасын жана чыгуу түйүндү көздөй жүргүзүлгөн сызыктар орсундагы жаа—γπк. 2-сүр).

долгота галактическая — галактикалык узундук (Галактиканын түндүк уюлунан караганда Галактиканын чыгуу түйүнүнөн баштап саат стрелкасына карма-каршы багыт боюнча эсептеле турган бурч).

долгота гелиографическая — гелиографиялык узундук (координаталардын гелиографиялык системасынын координатасы).

долгота географическая — географиялык узундук (Гринвич меридианынан баштап чыгышты же батышты көздөй параллель боюнча эсептелүүчү координаталардын географиялык системасынын координатасы).

долгота геоцентрическая — геоцентрлик узундук (ааламдын түндүк уюлунан караганда жазгы күн-түн теңелүү точкасынан баштап саат стрелкасына карама каршы багыт боюнча эсеп-

телүүчү координаталардын геоцентрлик системасынын координатасы).

долгота́ за́падная — батыш узундук (Гринвич меридианынан баштап батышты көздөй 180° чейин эсептелүүчү географиялык координата).

долгота́ нисходя́щего узла́ — түшүү түйүнүнүн узундугу дөн жазгы күн-түн теңелүү точкасын жана түшүү түйүндү көздөй жүргүзүлгөн сызыктар ортосундагы бурч).

долгота́ периа́стра — периастрдын узундугу (жазгы күн-түн теңелүү точкасынан перигейге чейинки жаа).

долгота́ периге́лия — перигелийдин узундугу ($\pi = \eta + \omega$, бул чоңдук эки тегиздик боюнча эсептелет. Эклиптиканын тегиздиги боюнча жазгы күн-түн теңелүү точкасынан чыгуу түйүнгө чейин—$\eta$; орбитанын тегиздиги боюнча чыгуу түйүндөн перигелийге чейин — $\omega$. *к.* 2-сүр).

долгота́ селенографи́ческая — селенографиялык узундук (координаталардын селенографиялык системасынын координатасы).

долгота́ топоцентри́ческая — топоцентрдик узундук (координаталардын топоцентрдик системасынын координатасы).

долгота́ узла́ — түйүн узундугу (ааламдын түндүк уюлунан караганда саат стрелкасына карама каршы багыт боюнча жазгы күн-түн теңелүү точкасынан баштап орбитанын түйүнүнө чейинки жаа).

доли́на Альп — Альпа өрөөнү (Айдын бетиндеги узундугу 180 *км* жакын Альпа тоолорун кесип өтүүчү өрөөн).



доли́на Геродо́та — Геродот өрөөнү (Айдын бетинде).

доли́на Ре́йта — Рейт өрөөнү (Айдын бетинде).

доли́на Шрёте́ра — Шрётердин өрөөнү (Айдын бетинде).

Доппельма́йер — Доппельмайер (Айдын бетиндеги цирк).

До́плера смеще́ние — Доплердик жылышуу (бир эле жарык булагынын кыймылдуу жана кыймылсыз болгон кездеринде тартып алынган спектрлерде спектралдык сызыктардын салыштырмалуу жылышуусу).

Дора́д — Дорад (Айдын бетиндеги кратер).

Драко́н — Ажыдаар (топ жылдыз, элдик наамы Шамаран).

дракони́ды — драконидалар (радианты Ажыдаар топ жылдызында болгон метеордук агым).

дракони́ческий год — ажыдаар жылы (Күндүн удаалаш эки жолу Айдын орбитасынын ошол эле түйүнү аркылуу өтүш үчүн кеткен убакыт—346, 6201 сутка).

дракони́ческий ме́сяц — ажыдаар айы (Айдын удаалаш эки жолу ошол эле түйүн аркылуу өтүшү үчүн кеткен убакыт — 27, 2122 сутка).

дракони́ческий пери́од — ажыдаар мезгили.

Ду́бхе — Дубхе (Чоң Жетиген топ жылдызынын $\alpha$-жылдызы, кош жылдыз).

«дуговы́е ли́нии» — «жаа сызыктары» (объективдик призманын берген спектралдык сызыктары).

| | |
|---|---|
| дюйм | дюйм (англиялык ченемдик бирдик, бир дюйм 2, 54 *см* барабар). |
| Дэ́ви | Дэви (Айдын бетиндеги кратер). |

## Е

| | |
|---|---|
| Евдо́кс | Евдокс (Айдын бетиндеги цирк). |
| Евро̀па | Европа (астероид). |
| ежеме́сячные эфемери́ды | ар айлык эфемеридалар (ар ай үчүн асман телосунун эсептеп чыгарылган абалы). |
| Единоро́г | Единорог (топ жылдыз). |
| ерети́к | динсиз. |
| «ерети́ческое уче́ние» | «динсиздик» илим. |

## Ж

| | |
|---|---|
| жа̀ркий по́яс | ысык алкак. |
| же́лтые гига̀нты | сары гиганттар (Ресселдин диаграммасынын II, III бутактарын бойлоп жайланышкан жылдыздар. Алардын радиустары Күндүн радиусунан бир канча жүз эсе чоң. *к.* 1-сүр). |
| Жера̀р | Жерар (Айдын бетиндеги кратер). |
| Жеребёнок | Кулун (топ жылдыз). |
| Же́ртвенник | Жертвенник (топ жылдыз). |
| Живопи́сец | Живописец (топ жылдыз). |
| Жира̀ф | Жираф (топ жылдыз). |
| Жоли́о-Кюри́ | Жиолио-Кюри (Айдын көрүнбөс жагындагы шакек түрүндөгү тоо). |
| Жура̀вль | Журавль (топ жылдыз). |
| Жю́ль Ве́рн | Жюль Верн (Айдын көрүнбөс жагындагы кратер) |

## З

| | |
|---|---|
| зави́симость «масса-свети́мость» | «масса-жарыктануучулук» байланышы (бул байланыш түз пропорционалдуу болгондуктан жарыктануучулукка карай жылдыздын массасын аныктоого болот). |
| зави́симость «пери́од-свети́мость» | «мезгил - жарыктануучулук» байланышы (бул байланыш түз пропорционалдуу болгондуктан жылдыздын жылтырашынын мезгилине карай анын жарыктануучулугун аныктоого болот). |
| за̀ви́симость «лучева́я ско́рость —расстоя́ние» у гала̀ктик | галактикалардагы «нурдук ылдамдык — ара̀лык» байланыш (бул байланыш сызыктуу болгондуктан галактикалардын нурдук ылдамдыктарына карай аларга чейинки аралыкты аныктоого болот). |
| зада̀ча дву́х те́л | эки телонун маселеси (бул учурда телонун ылдамдыгына жараша кыймыл же айлана, же эллипс, же парабола, же гипербола боюнча болот). |
| зада́ча тре́х те́л | үч телонун маселеси (жалпы учур үчүн бул маселе азыр дагы чыгарылган эмес). |
| зака̀т свети́ла | жарык чыгаруучунун батышы. |
| зако̀н Бэ́ра | Бэрдин закону (түндүк жарым шарда дарыялардын оң жээгинин, ал эми түштүк жарым шарда сол жээгинин жешилиши). |
| зако́н Ве́бера-Фе́хнера | Вебер-Фехнердин закону (астрономияда пайдалануучу психо-физикалык закон). |
| зако́ны движе́ния плане́т | планеталардын кыймыл закондору. |
| зако́ны излуче́ния | нурлантуу закондору. |
| зако́ны Ке́плера | кеплердин закондору. |
| зали́в Астрона̀втов | Астронавтар булуңу (Ай- |

| | |
|---|---|
| | дын көрүнбес бетинде табылган жаңы булуң). |
| зали́в Зноя́ (Волне́ний) | Ысык (Толкундануу) булуңу (Айдын бетинде). |
| зали́в Ра̀дуги | Көк Желе, (маененин) булуңу (Айдын бетиндеги диаметри 295 *км* жакын болгон ойдуң). |
| зали́в Росы́ | Шүүдүрүм булуңу (Айдын бетинде). |
| зали́в Середи́нный | Ортонку булуң (Айдын бетинде). |
| за̀пад | батыш. |
| запрещённые ли́нии спе́ктра | спектрдин тыюу салынган сызыктары (кадимки шарттарда спектрлерде байкалбоочу сызыктар). |
| запомина̀ющее устро̀йство | эстеп калуучу түзүлүш (мисалы, Айга учурулган космостук ракетадагы түзүлүш Айдын көрүнбес бетин фотографиялап, «эстеп» алып калды. Андан кийин ыктуу момент келгенде телевизиондук сигнал аркылуу Жерге «эстеп» калганын малымат кылды). |
| за̀пуск косми́ческого корабля́ | космостук корабльди учуруу. |
| за̀пуск раке́ты | ракетаны учуруу. |
| за̀пуск спу́тника | спутникти учуруу. |
| заслоне́ние Лу́ной Со́лнца | Айдын Күндү тосуп калышы (бул учурда Жерде Күндүн тутулушу байкалат, себеби Айдын көлөкөсү жерге түшөт). |
| затме́ние | тутулуу. |
| затме́ние Луны́ | Айдын тутулушу (Жердин көлөкөсү Айга түшкөн кез). |
| затме́ние кольцеобра̀зное | шакек түрүндө тутулуу (Ай кээ бир учурларда Күндүн дискасын толук каптабагандыктан пайда болгон тутулуу). |



| | |
|---|---|
| затме́ние по̀лное | толук тутулуу (Айдын дискасы Күндүн дискасын толук каптап калган учурда байкалуучу тутулуу). |
| затме́ние Со́лнца | Күндүн тутулушу (Айдын дискасы Күндүн бетин тосуп калышы). |
| затме́ние спу́тника | спутниктин тутулушу. |
нута́ция в долготе́ — узундуктагы нутация (чыныгы жазгы күн-түн теңелүү точкасынын орточо жазгы күн-түн теңелүү точкасына салыштырмалуу сыйлыгышуусун пайда кылуучу нутация).

нута́ция в накло́не — эңкейүүдөгү нутация (экватордун эклиптикага жантыктыгын өзгөртүүчү нутация).

Нью́тон — Ньютон (Айдын бетиндеги эң терең кратер. Четинин бийиктиги 9000 *м* жакын).

## О

| | |
|---|---|
| Оберóн | Оберон (диаметри 1500 *км* болгон Урандын спутниги). |
| обитáемость мирóв | ааламдагы тиричилик. |
| обитáемость планéт | планеталардагы тиричилик. |
| облакá галáктик | галактикалар булуту (галактикалардын тобу). |
| óблако плáзмы | плазманын булуту (заряддалган бөлүкчөлөрдүн тобу). |
| óблачные слои | булут катмарлары (көбүнчө атмосферасы бар планеталарда байкалат). |
| обозначéние Венéры | чолпондун белгиси (♀) |
| обозначéние восходя́щего узлá орби́ты | орбитанын чыгуу түйүнүнүн белгиси (☊) |
| обозначéние двойны́х звёзд | кош жылдыздардын белгиси (–●–тегерекченин диаметри жылдыздардын суммардык жылтырашын мүнөздөйт). |
| обозначéние диффу́зных тумáнностей | диффузиялык тумандуулуктардын белгиси /‖‖/. |
| обозначéние звёзд | жылдыздардын белгиси (● тегерекченин диаметри жылдыздын көрүнүүчү жылтырашын мүнөздөйт). |
| обозначéние Земли́ | Жердин белгиси (♁). |
| обозначéние зодикáльных созвéздий (знáки зодиáка) | зодикалдык топ жылдыздардын белгиси (зодиактын белгилери ♈ —Овец-кой, ♉ — Телец, ♊ — Близнецы-Эгиздер, ♋ —Рак, ♉ же ♌ —Лев-Арстан, ♍ Дева-Кыз, ♎ — Весы-Тараза, ♏ — Скорпион-Чаян, ♐ — Стрелец-Аткыч, ♑ — Козерог, ♒— Водолей, ♓— Рыбы—Балыктар). |
| обозначéние крáтных звёзд | эселүү жылдыздардын белгиси (*к.* обозначение двойных звезд). |
| обозначéние Луны́ | Айдын белгиси (☾). |
| обозначéние Мáрса | Марстын белгиси (♂). |
| обозначéние Меркýрия | Меркурийдин белгиси (☿). |
| обозначéние Нептýна | Нептундун белгиси (♆). |
| обозначéние нóвых звёзд | жаңы жылдыздардын белгиси (○ тегерекченин диаметри жылдыздын жылтырашынын максимумун мүнөздөйт). |
| обозначéние нисходя́щего узлá орби́ты | орбитанын түшүү түйүнүнүн белгиси (☋). |
| обозначéние перемéнных звёзд | өзгөрүлмө жылдыздардын белгиси (⊙ ички жана тышкы тегеректердин диаметри жылдыздын жылтырашынын максимумун жана минимумун мүнөздөйт). |
| обозначéние Сатýрна | Сатурндун белгиси /♄/. |
| обозначéние Сóлнца | Күндүн белгиси /☉/. |
| обозначéние тóчки весéннего равнодéнствия | жазгы күн-түн теңелүү точкасынын белгиси /♈/. |
| обозначéние тóчки осéннего равнодéнствия | күзгү күн-түн теңелүү точкасынын белгиси /♎/. |
| обозначéние Юпи́тера | Юпитердин белгиси/♃/. |
| обозрéние нéба | асман обозрениеси (асман сферасынын берилген участкасынын белгилүү жылдыздарынын болжол координаталары берилген каталог). |
| оболóчка | кабык. |
| оболóчка гáзовая | газ кабыгы (кометалардын |

| | |
|---|---|
| | ядролорунун курчамасы). |
| оболо́чка головы́ коме́ты | кометанын башынын кабыгы. |
| оболо́чка звезды́ | жылдыздын кабыгы. |
| оболо́чка ядра́ (ма́нтия) | ядронун кабыгы (мантия). |
| обра́тная сторона́ Луны́ | Айдын тескери жагы (Айдын бизге көрүнбөй турган бети). |
| обору́дование косми́ческого корабля́ | космостук кораблдин жабдылышы. |
| обраща́ющий сло́й атмосфе́ры Со́лнца | Күндүн атмосферасынын айландыруучу катмары (калыңдыгы 500 *км* жакын химиялык элементтердин бууларынан турган фотосферанын жогорку катмары). |
| обраща́ющий сло́й звёзд | жылдыздардын айландыруучу катмары. |
| обраще́ние звёзды | жылдыздын айланышы (бир жылдыздын экинчи жылдыздын тегерегинде айланышы). |
| обраще́ние плане́т вокру́г Со́лнца | планеталардын Күндүн тегерегинде айланышы. |
| обраще́ние спектра́льных ли́ний | спектралдык сызыктардын айланышы (ак жарык муздак газ аркылуу өткөн кезде жутулган сызыктардын, газ кызыган кездеги нурланышы). |
| обсервато́рия астрономи́ческая | астрономиялык обсерватория (астрономиялык изилдөөлөр жүргүзүүчү мекеме). |
| обтюра́тор | обтюратор (курал). |
| о́бщий катало́г Бо́сса | Босстун жалпы каталогу (33 346 жылдыздын так абалы жана өздүк кыймылдары берилген төрт томдуу каталог). |
| о́бщий катало́г переме́нных звёзд | өзгөрүлмө жылдыздардын жалпы каталогу. |
| объекти́в | объектив (телескоптун жа- |



| | |
|---|---|
| | рык чыгаруучу жакка багытталган линзасы). |
| объекти́в апохромати́ческий | апохроматтык объектив (ахроматтыгы жогорулатылган үч линзалуу объектив). |
| объекти́в ахромати́ческий | ахроматтык объектив (хроматтык аберрациясы кемитилген эки линзалуу объектив). |
| объекти́в визуа́льный | визалдуу объектив. |
| объекти́вная при́зма | объективдик призма (объективинин алдына коллиматорсуз призма орноштурулган фотографиялык камера). |
| объект Хэ́рбига-Аро́ | Хэрбига-Аро объекти (көк жылдызды курчап турууучу, жарыгы жылдыздын жарыгынан күчтүрөөк болгон тумандуулук). |
| ова́льная внегалакти́ческая тума́нность | овал түрүндөгү Галактикадан тышкары тумандуулук (биздин Галактикага окшош миллиондогон жылдыздардан турган башка жылдыз системасы). |
| О́вен | Кой (топ жылдыз). |
| о́зеро Сме́рти | Өлүм көлү (Айдын бетиндеги кара так). |
| о́зеро Сновиде́ний | Түш Көрүү көлү (Айдын бетиндеги кара так). |
| океа́н Бу́рь | Бороондор океаны (Айдын бетиндеги чоң ойдуң). |
| околоземно́е косми́ческое простра́нство | Жердин айланасындагы космостук мейкиндик. |
| околозени́тное простра́нство | зенит айланасындагы мейкиндик. |
| околозени́тное свети́ло | зенит айланасындагы жарык чыгаруучу. |
| околополя́рная о́бласть | уюл айланасындагы область. |
| околосо́лнечное косми́ческое простра́нство | Күн айланасындагы космостук мейкиндик. |
| околосо́лнечное простра́нство | Күн айланасындагы мейкиндик. |

| | |
|---|---|
| околосо́лнечный орео́л | Күн айланасындагы ореол (Күндүн тегерегиндеги өзгөчө жаркырак). |
| Окта́нт | Октант (топ жылдыз). |
| октя́брь | октябрь (жылдын онунчу айы). |
| окуля́р | окуляр (телескоптун көз менен карай турган жагындагы линза). |
| окуля́р гелиоскопи́ческий | гелиоскоптук окуляр (Күндүн нурун призмаларда чагылтуу, уюлдантуу аркылуу басаңдатуучу, атайын Күнгө байкоо жүргүзү үчүн жасалган окуляр). |
| окуля́р положи́тельный | оң окуляр (башкы фокус аралыгы окуляр менен объектив ортосунда болгон окуляр). |
| окуля́р отрица́тельный | терс окуляр (объективдин башкы фокус аралыгы окулярдын ичинде жаткан учурдагы окуляр). |
| окуля́рная ка́мера | окулярдык камера (телескоптун окулярына орноштурулган фотографиялык камера). |
| окуля́рная крамалье́ра | окулярдык крамальера (окулярды микрометрлик фокустоочунун башы). |
| окуля́рная при́зма | окулярдык призма (зенитке жакын болгон жарык чыгаруучуларды көрүүгө ыктуу болсун үчүн окуляр жакка орноштурулган толук ички чагылтуучу призма). |
| О́льберс | Ольберс (Айдын бетиндеги кратер). |
| опаха́ла | желпигичтер (Күндүн дискасынын тегерегиндеги плазмалык агым). |
| опо́рная се́ть | таяныч тор (координаталары абсолюттук метод менен аныкталган Айдын бетиндеги точкалардын системасы). |
| опо́рные кра́теры | таяныч кратерлер (координаталары абсолюттук метод менен аныкталган Айдын бетиндеги кратерлер). |
| опо́рные то́чки | таяныч точкалар (координаталары абсолюттук метод менен аныкталынган Айдын бетиндеги точкалар). |
| оппози́ция | оппозиция (Күн, Жер жана тышкы планета бир түз сызыкта болуп калган учур). |
| определе́ние вре́мени | убакытты аныктоо (жарык чыгаруучуларга карап так убакытты табуу мааниде). |
| опти́ческая толщи́на корпускуля́рного пото́ка | корпускулярдык агымдын оптикалык калыңдыгы. |
| опти́ческая толщи́на ионизи́рованного га́за | иондоштурулган газдын оптикалык калыңдыгы. |
| опти́чески-двойны́е звёзды | оптикалык кош жылдыздар (бир багытта көрүнүп, бирок гравитациялык талаа менен байланышпаган жылдыздар). |
| опти́ческий барье́р | оптикалык барьер (асман сферасынын белгилүү зоналарына багытталган бир канча астрономиялык трубалардын жардамы менен байкоо жүргүзүү методу). |
| орби́та | орбита (асман телосунун кыймыл жолу). |
| орби́та ви́димая | көрүнүүчү орбита (чыныгы орбитанын көрүү нуруна перпендикулярдуу тегиздикке болгон проекциясы). |
| орби́та гиперболи́ческая | гиперболалык орбита (формасы гипербола болгон орбита). |
| орби́та и́стинная | чыныгы орбита (асман тело- |

сунун кыймылга келген жолу).

орбита космического корабля — космостук кораблдын орбитасы.

орбита космической ракеты — космостук ракетанын орбитасы.

орбита круговая — тегерек орбита (формасы айлана түрүндө болгон орбита).

орбита относительная — салыштырмалуу орбита (бир асман телосунун экинчи асман телосуна салыштырганда чийген траекториясы).

орбита параболическая — параболалык орбита (формасы парабола болгон орбита).

орбита ракеты — ракетанын орбитасы.

орбита спутника — спутниктин орбитасы.

орбита эллиптическая — эллиптстик орбита (формасы эллипс болгон орбита).

орбитальная скорость — орбиталык ылдамдык (орбита боюнча асман телосунун кыймыл ылдамдыгы).

орбитальное движение — орбиталык кыймыл (асман телосунун орбитасы боюнча болгон кыймыл).

орбитальные элементы — орбиталык элементтер (P — сидерикалык айлануу мезгили, T — периастр аркылуу өткөн момент, ω — периастрдын узундугу, e — орбитанын эксцентриситети, i — жантыктык, a — чоң октун жарымы).

ореол сияния — жаркырактын ореолу (Жердин атмосферасынын нымдуулугуна, чаңдуулугуна жараша Күндүн же Айдын тегерегинде болгон жаркырак).

Орел — Бүркүт (топ жылдыз, элдик наамы—Тору Ат).

ориентация спутника — спутниктин ориентациясы (Күнгө, жылдыздарга карата спутниктин космостук мейкиндикте жайланышы).



ориентирование ракеты — ракетаны ориентациялоо (асман телолоруна карата ракетаны керектүү багыт боюнча багыттоо).

ориентирование спутника — спутникти ориентациялоо (к. ориентирование ракеты).

ориентировка — ориентировка (горизонттун түндүк, түштүк, батыш, чыгыш жактарын табуу).

ориентировка астрономическая — астрономиялык ориентировка (жарык чыгаруучуларга карап ориентировка жүргүзүү).

Орион — Орион (топ жылдыз, элдик наамы—Тараза).

ориониды — орионидалар (радианты Орион топ жылдызында болгон 14—26-октябрда байкалуучу метеордук агым).

ортографическая сетка — ортографиялык торчо (Күндүн, Айдын бетиндеги деталдардын координаталарын аныктоо үчүн белгилүү масштабда жасалган торчо).

освоение Космоса — космосту өздөштүрүү.

освоение космического пространства — космостук мейкиндикти өздөштүрүү.

освоение околоземного космического пространства — Жер айланасындагы космостук мейкиндикти өздөштүрүү.

освоение околосолнечного космического пространства — Күн айланасындагы космостук мейкиндикти өздөштүрүү.

осень — күз (жыл мезгили).

осеннее небо — күзгү асман (күз мезгилиндеги асман).

осеннее равноденствие — күзгү күн-түн теңелүү (23-сентябрь).

ослабление видимого блеска — көрүнүчү жылтыроонун начарлашы.

**основная плоскость** — негизги тегиздик (түрдүү координаталар системасында түрдүүчө болот. Мисалы, координаталардын горизонталдык системасында математикалык горизонттун тегиздиги, координаталардын экваториалдык системасында — экватордун тегиздиги ж. б.).

**О. Струве** — О. Струве (Айдагы кратердик дециз. Диаметри 130 *км*).

**ось** — ок (асман телосунун, куралдын ж. б. нерсенин огу).

**ось вертикальная** — вертикалдуу ок (телескопто ж. б. куралдарда).

**ось вращения** — айлануу огу (асман телосунун, телескоптун айлануу октору).

**ось горизонтальная** — горизонталдуу ок (телескопто ж. б. куралда).

**ось мира** — ааламдын огу (асман сферасынын суткалык айлануу огу).

**ось планеты** — планетанын огу (планетанын суткалык айлануу огу).

**ось полярная** — уюлдук ок (байкоо жүргүзүүчү пункттун географиялык кеңдигине жараша горизонтко жантык орнолгон телескоптун огу).

**ось поясов радиации** — радиациялык алкактардын огу (болжол менен Жердин суткалык айлануу огуна жарыш).

**ось склонения** — жантаюу огу (телескоптун асман экваторуна жарыш болгон огу).

**ось часовая** — сааттык ок (*к.* ось полярная).

**ось эклиптики** — эклиптиканын огу (эклиптиканын тегиздигине перпендикуляр болгон сызык).



**отвес** — асма (тик багытты аныктоо үчүн жипке илинген жүк).

**отвесная линия** — асма сызык (горизонтко перпендикуляр, асман сферасынын борбору аркылуу өтүүчү сызык).

**отклонение в движении** — кыймылдагы четтөө (кандайдыр сырткы таасирдин астында асман телосунун кыймылынын өзгөрүшү).

**отклонение в поле тяготения** — тартылуу талаасындагы четтөө (асман телосунун гравитациялык талаада кыймылынын өзгөрүшү).

**отклонение движущихся тел** — кыймылдагы телолордун четтеши (Жер өз огунун тегерегинде айлангандыктан ар кандай нерселердин кыймылында четтелиштин байкалышы, мисалы, Бэрдин закону, пассат шамалдары, артилериялык снаряддардын, ракеталардын девиациясы).

**отклонение от законов Кеплера** — Кеплердин закондорунан четтөө (асман телолорунун эллипстик траектория менен кыймылга келбегендиги).

**отлив** — суунун тартылышы (чоң дениздердин, океандардын жээктеринде Айдын, Күндүн таасири астында жээктин орточо абалынан алысташы).

**относительная концентрация ионов** — иондордун салыштырмалуу концентрациясы (иондордун жалпы санынын ичинде молекулярдык кислороддун саны).

**относительная спектральная отражательная способность** — салыштырмалуу спектралдык чагылтуу жөндөмдүүлүк $\left(b = \frac{I(\lambda+\Delta\lambda)}{I_0(\lambda+\Delta\lambda)}\right.$

мында $I(\lambda+\Delta\lambda)$ — берилген спектралдык интервалда чачылган толкундун интенсивдүүлүгү, $I_0(\lambda+\Delta\lambda)$ — ошол эле спектралдык интервалдагы $(\lambda+\Delta\lambda)$ интенсивдүүлүгү).

**относи́тельное отве́рстие** — салыштырмалуу тешик (объективдин диаметринин Д-нин, фокус аралыгына F-ке болгон катышы: $\frac{D}{F}$).

**относи́тельное фо́кусное расстоя́ние** — салыштырмалуу фокус аралыгы (салыштырмалуу тешикке тескери болгон чоңдук: $\frac{F}{D}$).

**относи́тельное чи́сло Во́льфа** — Вольфтун салыштырмалуу саны (Күндүн так пайда кылуу аракетин мүнөздөөчү чоңдук).

**относи́тельный ме́тод** — салыштырмалуу метод (1. Бир канча негизги жылдыздардын түз чыгыштарына карап калган жылдыздардын түз чыгыштарын табуу методу; 2. Таяныч точкаларга карап Айдын дискасынын бетиндеги деталдардын координаталарын табуу).

**отождествле́ние ли́нии спе́ктра** — спектрдин сызыктарын окшоштуруу (жарык чыгаруучулардын спектрлериндe белгилүү химиялык элементтердин сызыктарын табуу).

**отража́тельная спосо́бность** — чагылтуу жөндөмдүүлүгү (*к.* альбедо).

**отсе́к орбита́льный** — орбиталык отсек (планеталар аралык станциянын планетага учуп баргыча иштей турган аппараттар жайланышкан бөлүгү).



**отсе́к плане́тный** — планеталык отсек (планеталар аралык станциянын планетага жакындаган кезде иштей турган аппараттар жайланышкан бөлүгү).

**отта́лкивающая си́ла** — түртүү күчү.

**отта́лкивающее де́йствие Со́лнца** — күндүн түртүү таасири (Күндүн жарыгынын басым таасири).

**отчётливое изображе́ние** — даана сүрөттөлүш (телескоп жакшы фокусталган кезде болгон көрүнүш).

**оши́бка** — ката.

**оши́бка абсолю́тная** — абсолюттук ката (нерсенин өлчөмүнүн орточо мааниси — $N_{op}$ менен табылган мааниси — $N_i$ ортосундагы айырма: $N_{op}-N_i=\pm\Delta N_i$, мында $N_{op}=\frac{\Sigma N_k}{K}$, K — өлчөөлөрдүн саны).

**оши́бка а́зимута** — азимуттун катасы (ченөөчү куралдын меридиан боюнча так орноштурулбагандыгынын натыйжасында азимутту табууда келип чыккан ката).

**оши́бка вероя́тная** — ыктымалдуу ката (эң кичине каталардын саны эң чоң каталардын санына барабар болгон учурдагы ката. Бул орточо натыйжаны мүнөздөөчү чоңдук $\sigma_p=0,6745\sigma_N=0,8453\varepsilon_{op}$, мында $\sigma_p$ — ыктымалдуу ката, $\varepsilon_{op}$ — орточо ката, $\sigma_N$ — орточо квадраттык ката).

**оши́бка измере́ний** — өлчөөлөрдүн каталары.

**оши́бка коллимацио́нная** — коллимациялык ката (трубанын айлануу огу анын оптикалык огуна так перпендикулярдуу болбогон-

дугунан келип чыккан ката).

ошибка ли́чная — өздүк ката (ар кишинин мүнөзүнө карата кетирилген ката).

ошибка наблюде́ний — байкоонун катасы (байкоо жүргүзүлгөн кезде кетирилген ката).

ошибка относи́тельная — салыштырмалуу ката.

ошибка системати́ческая — системалык ката (өлчөөнүн методикасы, куралдардын тактыгы начар болгондуктан келип чыккан ката).

ошибка случа́йная — кокусунан болгон ката (биздин сезүү органдарыбыздын жетишсиздигинен жана ар кандай алдан эсепке алууга мүмкүнчүлүк болбогон себептерден келип чыккан ката).

ошибка сре́дняя — орточо ката $\left(\Delta N = \frac{\Sigma \Delta N_k}{K}\right.$, мында K — өлчөөнүн саны, $\Delta N_k$ — ошол өлчөөнүн абсолюттук катасы).

ошибка сре́дняя квадрати́чная — орточо квадраттык ката $\left(\sigma_N = \sqrt{\frac{\Sigma \Delta_i^2}{n(n-1)}}\right.$ мында $\sigma_N$ орточо квадраттык ката, $\Delta_i$ — ар бир өлчөөнүн орточо арифметикалык мааниден четтеши, n — өлчөөнүн саны).

ошибка сре́дняя относи́тельная — орточо салыштырмалуу ката $\left(\pm E = \frac{\Delta N}{N}\right.$ мында $\Delta N$ — орточо ката, N — бардык өлчөөлөрдүн орточо арифметикалык мааниси).

ошибка эксцентрисите́та — эксцентриситеттин катасы (эсептөөчү айлананын борбору трубанын айлануу огу менен так дал болбо-



гондуктан келип чыккан ката).

оцифро́вывание — цифрлөө (мисалы, жаңы табылган астероиддерди же жылдыздарды кандайдыр сан менен белгилөө).

## П

Павли́н — Павлин (топ жылдыз).

«па́дающие звёзды» — «учуучу жылдыздар» (*к.* метеоры).

паде́ние отража́тельной спосо́бности — чагылтуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү (өзү жарык чыгарбоочу асман телолорунун бетинин кээ бир участокторунда түшкөн жарыктын жутулушу көбөйгөндүктөн келип чыккан кубулуш).

Палла́да — Паллада (диаметри 492 *км* болгон астероид).

Палла́с — Паллас (Айдын бетиндеги кратер).

палласи́т — палласит (Палластын метеоритинде табылган зат).

панора́мность — панорамдуулук (астрономиялык кубулуштун фотографиясында бул кубулуштан башка объекттердин тартылып калышы).

Папаге́на — Папагена (диаметри 210 *км* болгон астероид).

параболи́ческая коме́та — параболалык комета (орбитасы парабола формасында болгон Күн системасынын мүчөсү эмес, ааламдык мейкиндиктен келген комета).

параболи́ческая орби́та — параболалык орбита (парабола формасындагы орбита).

параболи́ческая ско́рость — параболалык ылдамдык (массаларына жараша түрдүү асман телолору

үчүн түрдүүчө чоңдук. Мисалы жер үчүн 11,2 *км/сек*).

**параболи́ческие эле́менты** — параболалык элементтер.

**параболи́ческий метео́р** — параболалык метеор (траекториясы парабола формасында, биздин Күн системанын мүчөсү эмес, сырттан келген метеор).

**параболло́ид враще́ния** — айлануу параболлоиди (параболанын өз огунун тегерегинде айланышынан келип чыккан бет).

**парази́тный кра́тер** — паразиттик кратер (Айдын бетинде, чоң кратерлерде байкалуучу майда кратерлер).

**паралла́кс** — параллакс (Жердин Күн тегерегинде айланышынан келип чыккан кубулуш).

**пара́ллакс годи́чный** — жылдык параллакс (жылдыздан караганда Жердин орбитасынын радиусунун көрүнүү бурчу).

**паралла́кс горизонта́льный** — горизонталдык параллакс (жарык чыгаруучу горизонтто болгон кезде ошол жарык чыгаруучудан караганда Жердин радиусу- көрүнүү бурчу).

**паралла́кс горизонта́льный поля́рный** — горизонталдык уюлдук параллакс (жарык чыгаруучу горизонттун бетинде болгон кезде ошол жарык чыгаруучудан караганда Жердин уюлдук радиусунун көрүнүү бурчу).

**пара́ллакс горизонта́льный экваториа́льный** — горизонталдык экваториалдык параллакс (жарык чыгаруучу горизонттун бетинде болгон кезде ошол жарык чыгаруучудан караганда Жердин экваториалдык радусунун көрүнүү бурчу).



**паралла́кс звёздный** — жылдыздык параллакс (*к.* параллакс годичный).

**пара́ллакс Луны́** — Айдын параллаксы (Айдан караганда Жердин радиусунун көрүнүү бурчу. Орто эсеп менен ал 57′ 2″,67 барабар).

**паралла́кс плане́т** — планеталардын параллаксы (планеталардан караганда Жердин радиусунун көрүнүү бурчу. Түрдүү планеталар үчүн түрдүүчө).

**паралла́кс-секу́нда** — параллакс-секунда жылдык параллаксы бир секунда болгон жарык чыгаруучуга чейинки аралык, кыскача парсек (*к.* парсек).

**паралла́кс Со́лнца** — Күндүн параллаксы (Күндөн караганда Жердин радиусунун көрүнүү бурчу. Орто эсеп менен ал 8″,8 барабар).

**паралла́кс спектра́льный** — спектралдык параллакс (абсолюттук чоңдугу спектрден табылган жылдыздын параллаксы).

**паралла́кс сре́дний су́точный** — орточо суткалык параллакс ($P = P_0 \sin Z$ мында $P_0$ — горизонталдык параллакс, $P$ — суткалык параллакс, $Z$ — жарык чыгаруучунун зенит аралыгы. Сутка ичинде тынымсыз өзгөрүп тургандыктан көп учурларда суткалык параллакстын орточо мааниси алынат).

**парала́кс су́точный** — суткалык параллакс (параллакс бурчу зенит аралыгына көз каранды болгондуктан сутка ичинде өзгөрүп турат: $P = P_0 \sin Z$ ошондуктан бул параллакс суткалык деп аталат).

| | |
|---|---|
| паралла́кс тригонометри́ческий | тригонометриялык параллакс (Жердин Күн тегерегинде кыймылга келгендигине карап жылдыздын көрүнүүчү жылышынан эсептеп чыгарылган жылдык параллакс). |
| паралла́кс цефе́идный | цефеидалдык параллакс ( $g\pi=1\frac{1}{5}(M-m)-1$ формуладан табылган цефеиданын параллаксы. Мында π — цефеидалык параллакс, М — цефеиданын абсолюттук жылдыз чоңдугу, m — цефеиданын визуалдык жылдыз чоңдугу). |
| паралла́кс экватори́ально- горизонта́льный | экваториалдык - горизонталдык параллакс (жарык чыгаруучу горизонттун бетинде болгон кезде ошол жарык чыгаруучудан караганда Жердин экваториалдык радуусунун көрүнүү бурчу). |
| параллакти́ческое смеще́ние | параллактикалык жылыш (байкоочу Жердин бетинен анын борборуна которулган кезде жарык чыгаруучунун көрүнүүчү абалынын өзгөрүшү). |
| параллакти́ческий треуго́льник | паралактикалык үч бурчтук (бурчтарынын чокулары зенитте, ааламдын уюлунда жана жарык чыгаруучуда болгон үч бурчтук). |
| параллакти́ческий у́гол | параллактикалык бурч (параллактикалык үч бурчтуктун жарык чыгаруучу орношкон бурчу). |
| параллакти́ческая уста́новка | параллактикалык орноштуруу (бири ааламдын огуна экинчиси экватордун тегиздигине жарыш болгон эки өз ара перпендикулярдуу окко телескопту орноштуруу). |
| параллакти́ческий э́ллипс | параллактикалык эллипс (бир жыл ичинде жылдыздын көрүнүүчү жылышуусу аркасында чийилип чыккан эллипс). |
| параллакти́ческое нера́венство | параллактикалык барабарсыздык (Айдын параллаксына карата ташкын толкунун амплитудасынын түрдүүчө болушу). |
| параллакти́ческое сме́щение | параллактикалык жылышуу (Жердин Күн тегерегинде кыймылга келгендигинен жылдыздардын көрүнүүчү жылышы). |
| паралле́ль небе́сной сфе́ры | асман сферасынын параллели (асман экваторуна жарыш айланалар). |
| пара́метр враще́ния спу́тника | спутниктин айланышынын параметри (мисалы, өз огунун тегерегинде айлануу мезгили, октун мейкиндикте багытталышы ж. б.). |
| пара́метр кони́ческого сече́ния | конустук кесилиштин параметри (конустук кесилиштин фокусу аркылуу, башкы окко перпендикулярдуу өткөн хорданын жарымы). |
| пара́метр обраще́ния спу́тника | спутниктин айланышынын параметри (мисалы, борбордук телонун тегерегинде айлануу мезгили). |
| пара́метр орби́ты спу́тника | спутниктин орбитасынын параметри (орбитанын чоң огу, эксцентриситети ж. б.). |
| пара́метр ориента́ции спу́тника | спутниктин ориентациясынын параметри (спутниктин огунун мейкиндикте |

жайланышын мүнөздөөчү бурчтар).

Парро́ — Парро (Айдын бетиндеги кратер).

парсе́к — парсек (аралык бирдиги. Параллаксы бир секундага барабар болгон жылдызга чейинки аралык. 1 парсек=206265 астрономиялык бирдикке=3,259 жарык жылына = =31 000 000 000 *км*).

Паруса́ — Паруса (топ жылдыз).

пасса́жный инструме́нт — пассаждык инструмент (так убакытты аныктоо максатында жылдыздарга кульминация кезинде байкоо жүргүзүү үчүн пайдалануучу курал).

Па́стер — Пастер (Айдын көрүнбөс бетиндеги кратер).

Патро́кл — Патрокл (1. Айдын бетиндеги кратер. 2. Троянец астероиддеринин бири).

Пега́с — Пегас (топ жылдыз, элдик наамы — Ҝерилген саба).

пегаси́ды — пегасидалар (радианты Пегас топ жылдызында болгон метеордук агым).

пекуля́рное движе́ние — пекулярдык кыймыл (космостук мейкиндиктеги телолордун күн системасынын кыймылына көз карандысыз болгон чыныгы кыймылы. Жылдыздардын пекулярдык кыймылы, алардын өздүк кыймылынын бөлүгүн түзөт).

пе́пельный све́т — күл түстүү жарык (планетанын же спутниктин Күндүн нуру начар түшкөн бөлүгүнүн бозом түстүү болуп көрүнүшү).

пепе́льный све́т Вене́ры — Чолпондун күл түстүү жарыгы.



пепе́льный све́т Луны́ — Айдын күл түстүү жарыгы (Жерден чагылган Күндүн нурунун таасири астында толбогон Айдын калган бөлүгүнүн бозомтук түстүү болуп көрүнүшү).

пе́рвая косми́ческая ско́рость — биринчи космостук ылдамдык (7,9 *км/сек.* Бул ылдамдыкка ээ болгон нерсе Жер тегерегинде айлана боюнча кыймылга келүүчү спутник болуп калат).

пе́рвая че́тверть — биринчи чейрек (Айдын дискасынын өлчөмү жарым болуп, томпоктугу оң тараптан көрүнгөн кези).

перви́чные косми́ческие лучи́ — баштапкы космостук нурлар (Жердин атмосферасынын чегинде космостук мейкиндиктен келген заряддалган бөлүкчөлөрдүн агымы).

пе́рвый вертика́л — биринчи вертикал (батыш жана чыгыш точкалар аркылуу өтүүчү тик тегерек).

пе́рвый космона́вт — биринчи космонавт (Ю. Гагарин).

пе́рвый ра́диус — биринчи радиус (нөлдүк меридиандын тегиздиги жана Айдын экваторунун тегиздиги кесилишкен сызык менен дал келүүчү Айдын радиусу).

перегру́зка — перегрузка (нерсе тик өйдө ылдамдануу менен көтөрүлгөн кезде анын салмагы канча эсе чоңоё тургандыгын көрсөтүүчү сан).

переме́нные звёзды — өзгөрүлмө жылдыздар (жылтырашы өзгөрүп туруучу жылдыз).

переме́нные звёзды долгопериоди́ческие — узак мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздар (жылтырашы-

нын өзгөрүү мезгили 90 суткадан 700 суткага чейин болгон жылдыздар).

перемещéние полюсóв — уюлдардын которулушу (Жер бир тектүү болбогондуктан анын уюлу тынымсыз которулуп турат).

периáстр — периастр (чыныгы орбитанын башкы жылдызга эң жакын турган точкасы).

перигéй — перигей (Айдын же спутниктин орбитасынын Жерге эң жакын болгон точкасы).

перигéйное расстоя́ние — перигейлик аралык (Жердин борборунан перигейге чейинки аралык).

перигéлий — перигелий (Күн тегерегинде кыймылга келген телонун орбитасынын Күнгө эң жакын точкасы).

перигéлийное расстоя́ние — перигелийлик аралык (Күндүн борборунан перигелийге чейинки аралык).

перйод возмущéния орбйты — орбитанын козголонунун мезгили.

перйод вращéния — айлануу мезгили (асман телосунун өзүнүн огунун тегерегинде айлануу мезгили, мисалы Жер үчүн тегеректеп алганда 24 саат).

перйод годовóй — жылдык мезгил (географиялык кеңдиктин бир жылга барабар болгон мезгил менен өзгөрүшү).

перйод деятéльности Сóлнца — Күндүн аракетинин мезгили (орто эсеп менен 11 жыл).

перйод Калйппа — Калипптин мезгили (27 759 сутка=76 жыл).

перйод Метóна — Метондун мезгили (19 жыл. Айдын фазалары жылдын так ошол эле күндөрүнө туура келүү үчүн кеткен убакыты).

перйод обращéния пóлюса Землй — Жердин уюлунун которулуу мезгили (433 сутка. Бул



Жердиң ички түпкүрлөрү катуу абалда экендигин көрсөтөт).

перйод полугодовóй — жарым жылдык мезгил (географиялык кеңдиктин жарым жылга барабар болгон мезгил менен өзгөрүүсү).

перйод свобóдной либрáции — эркин либрациянын мезгили (1185 сутка).

перйод сидерйческий — сидерикалык мезгил (борбордук телону жандоочу тело бир жолу айланып чыгуу үчүн кеткен убакыт).

перйод Чáндлера — Чандлердин мезгили (географиялык кеңдиктин 14 айга барабар болгон мезгил менен өзгөрүшү).

перйдическая комéта — мезгилдүү комета (белгилүү убакыт сайын көрүнүп туруучу комета).

периодйческая орбйта — мезгилдүү орбита (эч кандай каршылык болбогондуктан спутник тарабынан кайра кайталоочу орбита).

периодйчески перемéнные звёзды — мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздар (Жылтырашы белгилүү мезгил менен өзгөрүп туруучу жылдыздар).

периодйческое возмущéние — мезгилдүү козголоң (белгилүү убакыт сайын кайталанып туруучу козголоң).

периодйчность Сóлнечной дéятельности — Күн аракетинин мезгилдүүлүгү (Күндүн бетиндеги тактардын, протуберанецтердин, магнит талааларынын интенсивдүүлүктөрү белгилүү убакыт сайын кайталанып турушу).

перйодичность явлéний — кубулуштардын мезгилдүүлүгү.

перицéнтр — перицентр (жандоочу телонун орбитасынын борбор-

| | |
|---|---|
| | дук телого эң жакын точкасы. *к.* периастр, перигелий). |
| Персе́й | Персей (топ жылдыз). |
| персеи́ды | персеидалар (радианты Персей топ жылдызында болуп 16—20-июлда байкалуучу метеордук агым). |
| Пета́вий | Петавий (диаметри 125 *км* болгон Айдын бетиндеги шакек түрүндөгү тоо). |
| петаско́п | петаскоп (курал). |
| петлеобра́зное движе́ние плане́т | планеталардын тузак түрүндөгү кыймылы. |
| Пе́чь | Печь (топ жылдыз). |
| Пиа́цци | Пиацци (Айдын бетиндеги кратер). |
| Пика́р | Пикар (Айдын бетиндеги кратер). |
| Пикеринг | Пикеринг (диаметри 10 *км* болгон Айдын бетиндеги кратер). |
| Пикколоми́ни | Пикколомини (Айдын бетиндеги кратер). |
| Пико́ | Пико (Айдын бетиндеги кратер). |
| пирано́метр | пиранометр (курал). |
| пиргелио́метр | пиргелиометр (Күндүн радиациясын ченөөчү курал). |
| Пита́т | Питат (Айдын бетиндеги кратер). |
| Пифаго́р | Пифагор (Айдын бетиндеги цирк). |
| Пифе́й | Пифей (Айдын бетиндеги кратер). |
| пи́чки | пички (Күндүн бетинде жылт этип пайда болуучу кубулуш). |
| Пла́на | Плана (Айдын бетиндеги кратер). |
| пла́зма | плазма (заряддалган бөлүкчөлөрдүн чогуусу, агымы). |



| | |
|---|---|
| пла́зменная обо́лочка Земли́ | Жердин плазмалык кабыгы (*к.* геокорона). |
| пла́зменное вещество́ | плазмалык зат (заттын төртүнчү агрегаттык абалы—иондошкон газ абалы). |
| пла́зменные во́лны | плазмалык толкундар (Күндүн хромосферасы аркылуу өткөн бөлүкчөлөрдүн агымы дүүлүктүргөн толкун. Анын жыштыгы $\nu = \left(\frac{e^2N}{\pi m}\right)^{1/2}$, мында N—хромосферанын бөлүкчөлөр өткөн зонасындагы электрондордун концентрациясы, e жана m — электрондун заряды жана массасы). |
| плане́та | планета (Күндүн тегерегинде кыймылга келүүчү Жерге окшош муздак асман телолору). |
| плане́та-гига́нт | гигант-планета (Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун). |
| плане́та двойна́я | кош планета. |
| плане́та иску́сственная | жасалма планета (1959-жылы Советтер Союзу тарабынан учурулган космостук ракета. Ал Күн тегерегинде планеталарга окшош тынымсыз кыймылда). |
| планета́рий | планетарий (жылдыздуу асманды демонстрациялоочу аппарат. Кичине планетарий Фрунзе шаарында 1961-жылы «Знание» коомунун алдында ачылган). |
| планета́рная тума́нность | планетардык тумандуулук (борборунда өтө ысык жылдыз жайланышкан сфера түрүндөгү сейректелген газдан турган тумандуулук). |

| | |
|---|---|
| планетазимáль | планетазималь (майда планета). |
| планéтная космогóния | планеталык космогония (планеталардын өнүгүү, өсүү жөнүндөгү илим). |
| планéтная систéма | планеталар системасы (биздин Күн системасы же башка жылдыз тегерегинде кыймылга келүүчү планеталар тобу). |
| планетовéдение | планетоведение (планеталарга изилдөө жүргүзүүчү астрономия). |
| планетоискатель | планета издөөчү (оптикалык курал). |
| Платóн | Платон (диаметри 100 *км* болгон Айдын бетиндеги цирк). |
| Плéйфер | Плейфер (Айдын бетиндеги кратер). |
| Плеяды | Үркөр (54 жылдыздан турган жылдыздардын чачылган топтолушу). |
| Плúний | Плиний (Айдын бетиндеги кратер). |
| плóская составля́ющая Галáктики | Галактиканын жалпак түзүүчүсү (негизинен Галактиканын тегиздигинде жайланышкан объектилер: узун мезгилдүү цефеидалар, «О» жана «В» тибиндеги жылдыздар, жылдыздардын чачылган топтолушу, чаң тумандуулуктары). |
| плосковóгнутый | жалпак-иймек (линза). |
| плосковы́пуклый | жалпак-томпок (линза). |
| плóскость Галáктики | Галактиканын тегиздиги (Саманчынын Жолунун ортосу аркылуу өтүүчү тегиздик). |
| плóскость горизóнта | горизонттун тегиздиги (асман сферасынын борбору аркылуу асма сызыкка перпендикулярдуу өтүүчү тегиздик). |



| | |
|---|---|
| плóскость меридиáна | меридиандын тегиздиги (зенит, ааламдын уюлу, асман сферасынын борбору аркылуу өтүүчү тегиздик). |
| плóскость орбúты | орбитанын тегиздиги (асман телосунун орбитасы аркылуу өтүүчү тегиздик). |
| плóскость пéрвого вертикáла | биринчи вертикалдын тегиздиги (асман меридианынын жана математикалык горизонттун тегиздиктерине перпендикулярдуу өтүүчү тегиздик). |
| плóскость небéсного **эквáтора** | асман экваторунун тегиздиги (асман сферасынын борбору аркылуу ааламдын огуна перпендикулярдуу өтүүчү тегиздик). |
| плóскость эклúптики | эклиптиканын тегиздиги (Жер орбитасынын тегиздиги). |
| плóтность звёзд | жылдыздардын тыгыздыгы 1) жылдыздар түзүлгөн заттын тыгыздыгы маанисинде; 2) асман сферасынын бирдик аянтына туура келген жылдыздардын сан мааниси. Бул чоңдук Галактикада жылдыздардын бөлүнүштүрүүсүн мүнөздөө үчүн киргизилет). |
| плóтность звёзд в окрéстностях Сóлнца | Күн тегерегинде жылдыздар тыгыздыгы (Күн тегерегинде мейкиндиктин бир куб парсегине туура келген жылдыздык материянын саны). |
| плóтность звёзд срéдняя | жылдыздардын орточо тыгыздыгы 1) жылдыздарды түзүүчү материянын тыгыздыгы; 2) космостук мейкиндикте жылдыздардын коюулугун мүнөздөөчү түшүнүк. |
| | жылдыздык тыгыздык (кос- |

плóтность звёздная — мостун бирдик көлөмүнө туура келген жылдыздардын саны менен мүнөздөлүүчү чоңдук).

плóщадь радиáции — радиация аянты (белгилүү убакыт сайын метеордук агым байкалуучу асман сферасынын аянты).

Плутóн — Плутон (Күн системасынын эң акыркы планетасы).

побóчный крáтер — жанаша кратер (чоң цирктердин жана кратерлердин валдарынын тышкы четтеринде байкалуучу майда кратерлер).

повéрхностная я́ркость — беттик ачыктык (жарык чыгаруучунун бирдик аянты тарабынан нурланткан жарык агымынын саны).

повéрхность Мохорóвичича — Мохоровичичтин бети (Жердин мантиясынын жогорку чеги).

поглощéние — жутулуу.

поглощéние свéта óбщее — жарыктын жалпы жутулушу (бул жутулуу жылдыздардын жылтырашын кемитет).

поглощéние селекти́вное — ылгоолуу жутулуу (бул жутулууда негизинен кыска толкундар жутулат, ошондуктан бул жутулуу жылдызды кызгылтыраак кылып көрсөтөт).

погружéние Сóлнца — Күндүн матырылышы (горизонттун астына түшүү мааниде же космостук чаңдын ичине кирүү мааниде).

пóдвесáя систéма косми́ческого корабля́ — космостук кораблдин илинүүчү системасы (космостук корабдин ичинде космонавт отуруучу креслону бекитүүчү система).

подсистéма плóская — жалпак подсистема (*к.* плоская составляющая Галактика).

подсистéма промежу́точная — ортолук подсистема (негизинен Галактиканын төмөнкү объектилеринен турат: жаңы жылдыздар, планетардык тумандуулуктар, ак кодолор, мезгили 200 суткадан ашык болгон узун мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздар, S — тибиндеги жылдыздар, R, N — тибиндеги туура эмес өзгөрүлүүчү, жарым туура өзгөрүлүүчү жана турактуу жылдыздар, Телец топ жылдызынын RV тибиндеги жылдыздар).

подсистéма сфери́ческая — сфералык подсистема (негизинен Галактиканын төмөнкү объектилеринен турат: жылдыздардын шардык топтолуштары, субкодолор, Кыз топ жылдызынын W тибиндеги узун мезгилдүү цефендалар, Лира топ жылдызынын RR тибиндеги кыска мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздар, мезгили 150—200 сутка болгон узун мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздар).

подсистéмы Галáктики — Галактиканын подсистемалары (Галактика жылдыздардын бөлүштүрүлүшүнө, орточо мейкиндик ылдамдыктарына карата подсистемаларга бөлүнөт. Мисалы, өзгөрүлмө жылдыздардын подсистемасы, «О» спектралдык класска кирүүчү жылдыздардын подсистемасы).

подсóлнечная тóчка — Күндүн астындагы точка.

пóздний спектрáльный клáсс — кечки спектралдык класс

(G, K, M, N, R, S спектралдык класстар).

позицио́нный кру́г — позициялык тегерек (жылдыздын бийиктиги бирдей болуп көрүнгөн Жердин бетиндеги точкаларды туташтырып туруучу айлана).

позицио́нный у́гол — позициялык бурч (башкы жылдызды жана анын компонентасын туташтырып туруучу сызык менен башкы жылдыз аркылуу өтүүчү жантаюу тегереги ортосундагы бурч).

показа́тель желтизны́ — сарылыктын көрсөткүчү (к. колор-эксцесс).

показа́тель цве́та — өңдүн көрсөткүчү (жылдыздын фотографиялык жылдыз чоңдугу менен визуалдык жылдыз чоңдугунун ортосундагы айырма).

покрасне́ние звезды́ — жылдыздын кызгылттанышы (жылдыздан келген жарыктын космостук мейкиндикте ылгоолуу жутулушунан келип чыккан кызарыш).

покры́тие звёзд Луно́й — Жылдыздардын Ай менен далдаланышы.

покры́тие звёзд плане́тами — жылдыздардын планеталар менен далдаланышы.

покры́тие плане́той спу́тника — спутниктин планетага далдаланышы.

по́лдень — чак түш (Күндүн жогорку кульминация кези).

по́лдень и́стинный — чыныгы чак түш (Күндүн дискасынын борборунун жогорку кульминация кези).

по́лдень сре́дний — орточо чак түш («орточо» Күндүн жогорку кульминация кези).

по́ле зре́ния телеско́па — телескоптун көрүү талаасы (телескоп аркылуу көрүнгөн асмандын аянтынын бурчтук өлчөмү).



полё́зный ве́с раке́ты — ракетанын пайдалуу салмагы (ракетанын бортуна алынган приборлор, азыктүлүк, космонавттардын салмагы).

полё́т корабля́-спу́тника — корабль-спутниктин учушу.

полё́т косми́ческий — космостук учуу.

полё́т к плане́там — планеталарга учуу.

полё́т орбита́льный — орбиталык учуу (белгилүү орбита боюнча учуу).

Поли́бий — Полибий (Айдын бетиндеги кратер).

По́ллукс — Поллукс (Эгиздер топ жылдызынын β-жылдызы).

по́лная Луна́ — толгон Ай.

полнолу́ние — Айдын толгон кези.

по́лночь — түн ортосу (Күндүн төмөнкү кульминация кези).

по́лночь и́стинная — чыныгы түн ортосу (Күндүн дискасынын борборунун төмөнкү кульминация кези).

по́лночь сре́дняя — орточо түн ортосу («орточо» Күндүн төмөнкү кульминация кези).

положе́ние абсолю́тное — абсолюттук абал.

положе́ние ви́димое — көрүнүүчү абал.

положе́ние и́стинное — чыныгы абал (инструменталдык каталар, рефракция, суткалык жана жылдык аберрация эске алынган координаталардын мааниси).

положе́ние плане́ты — планетанын абалы.

положе́ние свети́ла — жарык чыгаруучунун абалы.

полоса́ затме́ния — тутулуу тилкеси (Жер өзүнүн огунун тегерегинде айлангандыктан Күн тутулган кезде Айдын көлөкөсү жердин бетинде тилке чийип кетет).

полувито́к орби́ты — орбитанын оролмосунун жа-

рымы (тегиздикке спутниктердин орбиталары проекцияланганда бир топ оролмолор түрүндө түшөт. Ар бир толук айланышы бир оролмо болуп проекцияланат).

полувиток орбиты восходящий — орбитанын оролмосунун чыгуучу жарымы (орбиталарынын эклиптикалык кеңдиктери улам өсүүчү бөлүгү).

полувиток орбиты нисходящий — орбитанын оролмосунун түшүүчү жарымы (орбитанын точкаларынын эклиптикалык кендиктери улам кемүүчү бөлүгү).

полуденная высота светила — жарык чыгаруучунун түш кезиндеги бийиктиги.

полуденная линия — түш мезгил сызыгы (асман меридианынын тегиздиги менен горизонттун тегиздигинин кесилиш сызыгы).

полудиаметр Лунного диска — Ай дискасынын диаметринин жарымы.

полумесячное неравенство — жарым айлык барабарсыздык (ташкын толкунунун амплитудасынын Ай квадратурада жана сизигияда болушуна карата өзгөрүшү).

полумесячный период — жарым айлык мезгил (*к.* полумесячное неравенство).

полуось большая — чоң октун жарымы (эллипстик орбиталардын чоң огунун жарымы).

полуось малая — кичине октун жарымы (эллипстик орбиталардын кичине огунун жарымы).

полуось орбиты — орбитанын огунун жарымы (к. полуось большая, полуось малая).

полуправильные переменные звезды — жарым туура өзгөрүлмө жылдыздар (жылтырашынын өзгөрүшү ар дайым так мурункудай эле кайталанбоочу жылдыздар).

полусуточная эфемерида — жарым суткалык эфемерида (жарым сутка ичинде асман телосу үчүн эсептелинген жантаюунун жана түз чыгыштын маанилери).

полутень — жарым көлөкө 1) күндүн бетиндеги тактардын четтеринин салыштырмалуу бозомтук участокторy; 2) күн тутулган кезде Жерге түшкөн Айдын жарым көлөкөсү. Жарым көлөкө зонасында болгон байкоочу Күндүн тутулушун толук эмес түрдө көрөт.

полушария небесной сферы — асман сферасынын жарым шарлары (түндүк жана түштүк жарым шарлары).

полушарие северное — түндүк жарым шар.

полушарие южное — түштүк жарым шар.

полюс — уюл.

полюс мгновенный — заматтык уюл (байкоо жүргүзгөн моменттеги уюлдун абалы).

полюс средний — орточо уюл (мезгилдүү өзгөрүлүштөрдүн түзөтүүлөрү киргизилген заматтык уюлдун абалы).

полюса Галактики — Галактиканын уюлдары (Галактиканын огу менен асман сферасынын кесилиш точкалары).

полюса Земли — Жердин уюлдары (Жердин суткалык айлануу огу менен Жер сфероидинин кесилиш точкалары).

полюса мира — ааламдын уюлдары (ааламдын огу менен асман сферасынын кесилиш точкалары).

планетанын уюлдары (пла-

| | |
|---|---|
| полюса́ плане́ты | нетанын суткалык айлануу огу менен планетанын сфероидинин кесилиш точкалары). |
| полюса́ эклиптики | эклиптиканын уюлдары (эклиптиканын огу менен асман сферасынын кесилиш точкалары). |
| поляриметри́я коро́ны | таажыны поляриметрлөө (Күн таажысынын жарыгынын уюлдануу даражасын аныктоо). |
| Поля́рная | Алтын Казык (Кичине Жетиген топ жылдызынын $\alpha$-жылдызы). |
| поля́рная о́сь | уюлдук ок (телескоптун аалам огуна жарыш болгон огу). |
| поля́рное расстоя́ние | уюлдук аралык (уюлдан жылдызга чейинки бурчтук аралык). |
| поля́рное сия́ние | уюлдук жаркырак (Жердин уюлдарына жакын болгон географиялык кеңдиктерде байкалуучу атмосфералык кубулуш). |
| поля́рные лучи́ | уюлдук нурлар (Күндүн уюлдук зоналарында байкалуучу нурлар). |
| поля́рные ша́пки Ма́рса | Марстын уюлдук шапкалары (Марстын уюлдук зоналарында Марстагы жыл мезгилинин өзгөрүшүнө карата өлчөмүн өзгөртүүчү ак тактар). |
| поля́рные кру́ги | уюлдук айланалар (Жердин бетинде суук жана мелүүн алкактарды бөлүп туруучу шарт боюнча алынган айланалар). |
| поля́рный кру́г се́верный | түндүк уюлдук айлана (Жердин түндүк жарым шарында суук жана мелүүн алкактарды чектеп туруучу айлана. Анын чекиттеринин географиялык кеңдиктери +66°33′). |



| | |
|---|---|
| поля́рный кру́г ю́жный | түштүк уюлдук айлана (Жердин түштүк жарым шарында суук жана мелүүн алкактарды чектеп туруучу айлана. Анын чекиттеринин географиялык кеңдиги —66°33′). |
| поляриза́тор | поляризатор (жарыкты поляризациялоочу кристалл). |
| поляри́метр | поляриметр (жарыктын поляризацияланган даражасын ченөөчү курал). |
| поляриско́п | полярископ (поляризациялык курал). |
| поляро́ид | поляроид (жарыкты поляризациялоочу призма). |
| понеде́льник | дүйшөмбү (жуманын биринчи күнү). |
| пониже́ние горизо́нта | горизонттун төмөндөшү ($\delta = 1{,}779\sqrt{h}$, мында h — байкоочунун горизонттон метр менен туюнтулган бийиктиги, $\delta$ — горизонттун жаалык минута менен туюнтулган төмөндөшү). |
| Понта́н | Понтан (Айдын бетиндеги кратер). |
| попере́чная слага́ющая ско́рости звё́зд | жылдыздардын ылдамдыгынын туурасынан түзүүчүсү (Жылдыздардын толук мейкиндик ылдамдыгынын көрүү нуруна перпендикулярдуу болгон түзүүчүсү). |
| попер.чник | туурасы (асман телолорунун диаметрлери маанисинде). |
| Попо́в | Попов (Айдын көрүнбөс бетиндеги шакек түрүндөгү тоо). |
| попра́вка наблюде́ния | байкоонун түзөтүүсү (байкоо жүргүзүлгөн кезде ке- |

тирилген катаны эске алуучу түзөтүү).

поправка на опереже́ние зве́здного вре́мени — жылдыз убактысынын алга кетишине түзөтүү (жылдыз суткасы Күн суткасынан 3 минута 56 секундага кыска болгондуктан ар сутка сайын бул түзөтүүнү эске алуу керек).

попра́вка на поясно́е вре́мя — алкак убактысына түзөтүү (географиялык узундукка карата алкак убактысын табуу үчүн жергиликтүү убакытка кошулуучу, же алынуучу минуталар жана секундалардын саны).

попра́вка на преце́ссию — прецессияга түзөтүү (Жердин огунун прецессиясы натыйжасында 50″ барабар болгон түзөтүү).

попра́вка часо́в — сааттын түзөтүүсү (так убакытты табуу үчүн сааттын көргөзмөсүнө кошулуучу же алынуучу минута жана секунданын саны).

попра́вка эмпири́ческая — эмпирикалык түзөтүү (тажрыйба жүзүндө табылган түзөтүү).

попя́тное движе́ние плане́т — планеталардын тетири кыймылы (планеталардын чыгыштан батышты көздөй көрүнүүчү кыймылы).

по́ра фотосфе́ры — фотосферанын көзөнөгү (Күндүн бетинде байкалуучу өтө майда тактар).

Посидо́ний — Посидоний (Айдын бетиндеги цирк).

после́дняя че́тверть — акыркы чейрек (Айдын жаңырышынын алдындагы чейрек Айдын дискасынын томпок жарымы сол тарапта болуп көрүнөт).

после́довательность бе́ло-голуба́я — ак-көк удаалаштык (спектр-жарыктануучулук диаграммасынын сол жак четинде жайланышкан жылдыздар к. 1-сүр.).



после́довательность гла́вная — башкы удаалаштык (спектр-жарыктануучулук диаграммасынын сол жак жогорку бурчунан оң жак төмөнкү бурчуна чейин жайланышкан жылдыздар к. 1-сүр.).

после́довательность я́рких сверхгига́нтов — ачык гиганттардын удаалаштыгы (спектр-жарыктануучулук диаграммасынын жогорку сол бурчунан жогорку оң бурчуна чейин жайланышкан жылдыздар к. 1-сүр.).

постоя́нная аберра́ции — аберрациянын турактуусу (эл аралык келишим боюнча 20″, 47 барабар деп алынган).

постоя́нная Бо́льцмана — Больцмандын турактуусу ($K = 1{,}38049 \cdot 10^{-16}$ эрг. град$^{-1}$).

постоя́нная Ви́на — Виндин турактуусу ($A = 0{,}28978$ см. град).

постоя́нная Га́усса — Гаусстун турактуусу ($B = 59'{,}13646$).

постоя́нная нута́ции — нутациянын турактуусу (эл аралык келишим боюнча 9″, 21).

постоя́нная Пла́нка — Планктын турактуусу ($h = 6{,}6254 \cdot 10^{-27}$ *эрг. сек*).

постоя́нная преце́ссии — прецессиянын турактуусу (Айдын массасына жана Жердин кысылышына карата Жердин экваторунун которулуу ылдамдыгын мүнөздөөчү чоңдук).

постоя́нная преце́ссии по пря́мому восхожде́нию — түз чыгыш боюнча прецессиянын турактуусу ($m = 46''{,}0850 + 00''{,}9000279$ $(t - 1900)$, мында $t$ — тропикалык жыл менен туюнтулган).

постоя́нная прецéссии по склонéнию — жантаюу боюнча прецессиянын турактуусу (n=20″, 0468—0″, 9000085 (t—1900), мында t — тропикалык жыл менен туюнтулган).

постоя́нная рефра́кции — рефракциянын турактуусу $\left(K=\frac{n-1}{\sin 1''}\right.$, мында n — сынуу көрсөткүч).

постоя́нная Стéфана-Бóльцмана — Стефан-Больцмандын турактуусу ($\sigma=5{,}6696\cdot10^{-5}$ *эрг. см*$^2$ *град*$^{-4}$ *сек*$^{-1}$).

постоя́нная всеми́рного тяготéния — бүткүл дүйнөлүк тартылуунун турактуусу ($K=6{,}668\cdot10^{-8}г^{-1}$ *см*$^3$ *сек*$^{-2}$).

потóк Сóлнечной матéрии — Күн материясынын агымы (Күндөн келүүчү заряддалган бөлүкчөлөрдүн, фотондордун агымы).

пóяс нулевóй — нөлдүк алкак (Гринвич аркылуу өтүүчү убакыт алкагы).

«пóяс Ориóна» — «Ориондун белбоосу» (Орион топ жылдызынын орто ченинде жайланышкан үч жарык жылдыз).

пóяс радиáции — радиация алкагы (геомагниттик экваторду бойлоп, Жерди курчап туруучу заряддалган бөлүкчөлөрдүн концентрацияланган зонасы).

пóяс часовóй — саат алкагы (убакыт менен пайдалануу ыктуу болсун үчүн Жердин бети 24 алкакка бөлүнгөн. Фрунзе шаары 5 саат алкакта, Москва 2 алкакта, ошондуктан бул эки шаардын убакыттары 3 саатка айырмаланат).

поясá радиáции — радиация алкактары (Спутниктердин жардамы менен Жердин тегерегинде үч радиация алкагы бар экендиги аныкталган. Биринчисинин орто чени 2000 *км* бийиктикте, экинчисиники — 50 000 *км* бийиктикте. Кээ бир изилдөөлөр боюнча андан ары дагы үчүнчү алкак болууга тийиш).



пояснóе врéмя — алкак убактысы (берилген саат алкагынын убактысы).

прáвило Бóде-Тéциуса — Боде-Тециустун эрежеси (Күн менен планеталар ортосундагы аралыкты астрономиялык бирдик менен туюнтуучу катар: 0,4 0,7 1,0 1,6 2,8 5,2 10,0...).

прáвило Шрётера — Шрётердин эрежеси (Айдын бетиндеги чоң кратерлердин валдарынын көлөмү ички ойдуңунун көлөмүнө барабар деген эреже).

прáвильные перемéнные звёзды — туура өзгөрүлүүчү жылдыздар (жылтырашы белгилүү закон боюнча өзгөрүүчү жылдыздар).

практи́ческая астронáвтика — практикалык астронавтика (космоско учууну практика жүзүнө ашыруу).

практи́ческая астрофи́зика — практикалык астрофизика (спутниктер учурулгандан бери пайда болгон астрономия менен физиканы практика жүзүндө пайдалануу жөнүндөгү илим).

предварéние равнодéнствия — күн-түн теңелүүнүн көтөрүлүүсү (Жердин огунун прецессиясы болгон натыйжасында күн-түн теңелүү точкаларынын ар жыл сайын 50″ которулушу).

предвычислéние затмéния — тутулууну алдын ала эсептөө.

предвычислéние эфемери́ды — эфемериданы алдын ала

эсептөө (асман телосунун келечектеги абалын, траекториясын эсептөө).

**преде́л Ро́ша** — Роштун чеги (асман телосунун 2,5 радиусуна барабар болгон аралыкта болот. Эгерде Ай Жер үчүн Роштун чегинен өтсө майдаланып кетип, Жердин тегерегинде Сатурн планетасынык ындай шакекти пайда кылат).

**преде́льная вы́держка** — пределдик выдержка (жылдыздарды фотографиялаган кезде фотографиянын сапатына зыянсыз болгон эң чоң экспозиция. Сезимдүүлүгү ГОСТ боюнча 90 бирдикке барабар болгон фотопленка үчүн $\lg T_{пр} = (0,6+2,351\lg V)$ мин. мында $V=\frac{F}{D}$, F — объективдин фокус аралыгы, Д — объективдин диаметри).

**преде́льный у́гол разреше́ния теле́скопа** — телескоптун чечүү бурчунун пределдик чеги (телескоп менен караганда айрым болуп көрүнүүчү эки жылдыздын ортосундагы минималдуу бурчтук аралык $r''=\frac{120''}{D}$, мында Д — телескоптун объективинин миллиметр менен туюнтулган диаметри).

**предсказа́ние затме́ния** — тутулууну алдын ала айтып берүү.

**преломля́ющий у́гол при́змы** — призманын сындыруу бурчу (призманын сындыруучу грандарынын ортосундагы бурч).

**преобразова́ние координа́т** — координаталардын кайра өзгөрүшү (координаталардын бир системасынан экинчи системасына өтүү формулалары).



**преце́ссия** — прецессия (Жердин формасы так шар болбогондуктан Айдын, Күндүн, планеталардын гравитациялык таасири астында Жердин суткалык айлануу огунун мейкиндикте конус чийиши).

**преце́ссия лу́нная** — Ай прецессиясы (Айдын гравитациялык таасири астындагы прецессия).

**преце́ссия лу́нно-со́лнечная** — Ай-Күн прецессиясы (Айдын жана Күндүн гравитациялык таасири астында болгон прецессия).

**преце́ссия лу́нно-со́лнечная в долготе́** — узундук боюнча Ай-Күн прецессиясы $\gamma B = Pdt$ мында р — жазгы күн-түн теңелүү точкасынын эклиптика боюнча ылдамдыгы, dt — убакыттын элементардык интервалы, *к.* 3-сүр.).

**преце́ссия лу́нно-со́лнечная по прямо́му восхожде́нию** — түз чыгыш боюнча Ай-Күн прецессиясы ($\gamma c = p \cdot \cos\varepsilon dt$ мында Р — жазгы күн-түн теңелүү точкасынын эклиптика боюнча ылдамдыгы, ε — орточо экватор жана орточо эклиптика ортосундагы бурч, dt — убакыт элементинин интервалы. *к.* 3-сүр.).

**преце́ссия лу́нно-со́лнечная по склоне́нию** — жантаюу боюнча Ай-Күн прецессиясы ($\gamma D = p.\sin\varepsilon dt$ мында Р — жазгы күн-түн теңелүү точкасынын эклиптика боюнча ылдамдыгы, ε — орточо эклиптика жана экватор ортосундагы бурч, dt — убакыт элементинин интервалы. *к.* 3-сүр.).

прецéссия óбщая — жалпы прецессия (Ай, Күн, планеталардын таасири астында жазгы күн-түн теңелүү точкасынын ар жыл сайын 50″, 24 которулушу).

прецéссия óбщая в долготé — узундук боюнча жалпы прецессия ( $\gamma B - \gamma L = (P - \lambda' Cos\varepsilon)dt$ мында P — жазгы күн-түн теңелүү точкасынын эклиптика боюнча ылдамдыгы, λ′ — планеталык прецессия, ε — орточо эклиптика жана экватор ортосундагы бурч, dt — убакыт элементинин интервалы. *к:* 3-сүр.).

прецéссия óбщая по прямóму восхождéнию — түз чыгыш боюнча жалпы прецессия ($\gamma c - \gamma M = (pCos\varepsilon - \lambda')dt$, мында P — жазгы күн-түн теңелүү точкасынын эклиптика боюнча ылдамдыгы, ε — орточо экватор жана эклиптика ортосундагы бурч, λ′ — планеталык прецессия, dt — убакыт элементинин интервалы. к: 3-сүр.).

прецéссия планéтная — планеталык прецессия (планеталардын Жер-Ай системасынын масса борборуна жасаган гравитациялык таасири астында болгон прецессия. $\lambda' = \frac{\gamma M}{dt}$, мында dt — убакыт элементинин интервалы. *к:* 3-сүр.).

прецéссия от планéт в долготé — узундук боюнча планеталык прецессия ($\gamma L = \lambda' Cos\varepsilon dt$, мында λ′ — планеталык прецессия, ε — орточо экватор жана эклиптика ортосундагы бурч, dt — убакыт элементинин интервалы. *к:* 3-сүр,).



прецéссия от плáнет по прямóму восхождéнию — түз чыгыш боюнча планеталык прецессия ($\gamma M = \lambda' dt$, мында λ′ — планеталык прецессия, dt — убакыт элементинин интервалы. *к:* 3-сүр.).

процéссия сóлнечная — Күн прецессиясы (Күндүн гравитациялык таасири астында болгон прецессия).

прецéссия спýтника — спутниктин прецессиясы (Жердин формасы так шар болбогондуктан спутниктин орбитасынын тегиздигинин экваторго жантыктыгы өзгөрбөстөн Жердин огунун тегерегинде бурулушу).

прецессиóнное движéние — прецессиялык кыймыл (*к:* прецессия).

прецессиóнный кóнус — прецессиялык конус (*к:* прецессия).

приближённая орби́та — болжолдомо орбита.

приведéние на меридиáн — меридианга келтирүү.

приведéние на срéднее мéсто — орточо орунга келтирүү (экватордук координаталарды аныктоодо берилген моменттен жылдын башына чейин жылдыздын өздүк кыймылын, прецессиясын, нутацияны, аберрацияны эске алуу).

приёмы ориентирóвки — ориентировканын жолдору (түндүк, түштүк багыттарды табуу жолдору).

приземлéние корабля́-спýтника — корабль-спутниктин Жерге конушу.

прикладнóй чáс — прикладдык саат (деңиздин тандалган жээги үчүн айлык аралыктын орточо мааниси).

прили́в — ташкын (негизинде Айдын жана Күндүн гравитациялык таасири астында чоң

| | |
|---|---|
| | деңиздердин, океандардын жээктеринде байкалуучу суунун ташкыны). |
| прилив лу́нный | Айдын ташкыны (Айдын таасири астында болгон ташкын). |
| прилив со́лнечный | Күндүн ташкыны (Күндүн таасири асында болгон ташкын). |
| приливна́я волна́ | ташкын толкуну. |
| приливна́я эволю́ция | ташкын эволюциясы. |
| приливно́е де́йствие | ташкын таасири. |
| приливно́е тре́ние | ташкын сүрүлүүсү (негизинен Айдын таасири астында Жердин өз огунун тегерегинде айланышы акырындайт, башкача айтканда Жер тормоздолот дагы барган сайын сутка узарат). |
| приливно́е торможе́ние | ташкын тормоздошу (*к:* приливное трение). |
| приливно́й вы́ступ | ташкын дөмпөгү (ташкын күчтөрүнүн таасири астында асман телолордун карама-каршы эки жак бетинде пайда болгон ташкын толкунунун дөмпөктөрү). |
| приливно́й го́рб | ташкын өркөчү (*к:* приливной выступ). |
| приливны́е си́лы | ташкын күчтөрү (асман телолорунун бетинде ташкынды пайда кылуучу гравитациялык күч). |
| приливообразу́ющая си́ла | ташкын пайда кылуучу күч. |
| приливообразу́ющее те́ло | ташкын пайда кылуучу тело. |
| прилуне́ние | Айга конуу. |
| прилуне́ние раке́ты | ракетанын Айга конушу. |
| прилуне́ние косми́ческого корабля́ | космостук кораблдын Айга конушу. |
| при́нцип До́пплера-Белопо́льского | Допплер - Белопольскийдин принциби (жарык чыгаруучу булак кыймылга келгендиктен анын спек- |



| | |
|---|---|
| | тралдык сызыктарынын нормалдуу абалынан жылышы). |
| пробле́ма двух те́л | эки телонун проблемасы (эки асман телосунун өз ара аракеттенишинен келип чыккан кыймылды чечүү). |
| пробле́ма трёх те́л | үч телонун проблемасы (үч асман телосунун өз ара аракеттенишинен келип чыккан кыймылды чечүү. Бул проблема азыркы убакытка чейин толук чечилген эмес). |
| програ́мма косми́ческого полёта | космоско учуунун программасы. |
| продолжи́тельность аномалисти́ческого го́да | аномалистикалык жылдын узактыгы (1950-жылы 365 *сутка* 6 *саат* 13 *мин* 53 *сек* болгон). |
| продолжи́тельность аномалисти́ческого ме́сяца | аномалистикалык айдын узактыгы (27 *сутка* 13 *саат* 18 *мин* 33 *сек*). |
| продолжи́тельность диссипа́ции | диссипациянын узактыгы (жыл менен туюнтуп алганда атмосферадагы газдын саны e=2,7 эсе кемүү үчүн кеткен убакыт). |
| продолжи́тельность дракони́ческого го́да | ажыдаар жылынын узактыгы (346,620063 орточо сутка). |
| продолжи́тельность дракони́ческого ме́сяца | ажыдаар айынын узактыгы (27 *сутка* 5 *саат* 5 *мин* 36 *сек*). |
| продолжи́тельность звёздного го́да | жылдыздык жылдын узактыгы (1950-жылы 365 *сутка* 6 *саат* 9 *мин* 9 *сек* болгон). |
| продолжи́тельность лу́нного го́да | ай жылынын узактыгы (354,36 орточо күн суткасы). |
| продолжи́тельность сидери́ческого ме́сяца | сидерикалык айдын узактыгы (27 *сутка* 7 *саат* 43 *мин* 11 *сек*). |

| | |
|---|---|
| продолжи́тельность синоди́ческого ме́сяца | синодикалык айдын узактыгы (29 *сутка* 12 *саат* 44 *мин* 3 *сек*). |
| продолжи́тельность сре́днего гражда́нского го́да (григориа́нского го́да) | орточо граждандык жылдын узактыгы (григориандык стиль боюнча 365 *сутка* 5 *саат* 49 *мин* 12 *сек*). |
| продолжи́тельность сре́дних звёздных су́ток | орточо жылдыз суткасынын узактыгы (23 *саат* 56 *мин* 4,0905 *сек* орточо күн убактысы боюнча алганда). |
| продолжи́тельность сре́дних со́лнечных су́ток | орточо күн суткасынын узактыгы (24 *саат* 3 *мин* 56,5554 *сек* жылдыз убактысы боюнча алганда). |
| продолжи́тельность тропи́ческого го́да | тропикалык жылдын узактыгы (365 *сутка* 5 *саат* 48 *мин* 46 *сек*). |
| продолжи́тельность юлиа́нского го́да | юлиандык жылдын узактыгы (365,25 орточо сутка). |
| проекти́вные коэффицие́нты | проективдик коэффициенттер (чыныгы аномалиясы 90° барабар болгон Күн—орбитанын перигелийи, Күн — орбитанын чекити аркылуу өтүүчү түз сызыктардын багыттоочу косинустары). |
| прое́кция | проекция. |
| прое́кция вертика́льная | вертикалдуу проекция. |
| прое́кция гномони́ческая | гномоникалык проекция. |
| прое́кция горизонта́льная | горизонталдык проекция. |
| прое́кция зени́тная | зениттик проекция. |
| прое́кция картографи́ческая | картографиялык проекция. |
| прое́кция квадрати́ческая | квадраттык проекция. |
| прое́кция конфо́рмная | конформдук проекция. |
| прое́кция Мерка́тора | Меркатордун проекциясы. |
| прое́кция Мольве́йде | Мольвейденин проекциясы. |
| проекция ортографи́ческая | ортографиялык проекция. |
| прое́кция равновели́кая | тең чоңдуктагы проекция. |
| прое́кция стереографи́ческая | стереографиялык проекция. |
| прое́кция экваториа́льная | экваториалдык проекция. |
| прое́кция экваториа́льная ортографи́ческая | экваториалдык ортографиялык проекция (бул учурда проекциялык тегиздик үчүн асман меридианынын тегиздиги алынат). |
| происхожде́ние звёзд | жылдыздардын пайда болушу (жылдыздардын пайда болуу жолунун бири-космостогу газ, чаң материясынан конденсацияланышы). |
| происхожде́ние плане́т | планеталардын пайда болушу (кээ бир пикирлер боюнча планеталар дагы газ, чаң материясынын уюшуусунан пайда болгон). |
| Про́кл | Прокл (Айдын бетиндеги кратер). |
| Про́ксима Кента́вра | Проксима Кентавра (Кентавр топ жылдызынын эң жакынкысы. Бардык белгилүү жылдыздардын ичинде бул бизге эң жакын жылдыз. Ага чейинки аралык 4,3 жарык жылына барабар). |
| промежу́точная орби́та | аралык орбита (космостук ракетаны старттоочу оор спутниктин орбитасы). |
| промежу́точная составля́ющая Гала́ктики | Галактиканын аралык түзүүчүсү (мунун составына төмөнкү объектилер кирет: жаңы жылдыздар, мезгили 200 суткадан ашык болгон өзгөрүлмө жылдыздар ж. б.). |
| проница́ющая си́ла при преде́льной вы́держке | пределдик выдержка кезиндеги курчтук (пределдик выдержка кезинде фотопластинкага тартылып калган эң майда жылдыздардын жылдыз чоңдугу. Эгерде пластинканын сезимдүүлүгү ГОСТ боюнча 90 бирдикке барабар болсо $m_{пр} = -1 + 5\lg D + 2{,}15 \lg T_{пр}$. Мында $m_{пр}$ — пределдик выдержка ке- |

зиндеги курчтук, $T_{пр}$ — пределдик выдержка, Д — объективдин *мм* менен туюнтулган диаметри).

**проница́ющая си́ла телеско́па** — телескоптун курчтугу (ачык караңгы түндө телескоп аркылуу көрүнгөн эң майда жылдыздардын жылдыз чоңдугу менен мүнөздөлүүчү чоңдук m=2,1+ +5lgД, мында Д — *мм* менен туюнтулган объективдин диаметри).

**просветлённая о́птика** — жарыкталган оптика (чагылган жарыкты кемитүү үчүн бети жука пленка менен капталган оптика).

**простра́нственное распределе́ние звёзд** — жылдыздардын мейкиндикте бөлүштүрүлүшү.

**простра́нство** — мейкиндик.

**простра́нство косми́ческое** — космос мейкиндиги (ааламдын мейкиндиги).

**простра́нство межзвёздное** — жылдыздар арасындагы мейкиндик.

**простра́нство межплане́тное** — планеталар арасындагы мейкиндик.

**простра́нство мирово́е** — ааламдык мейкиндик.

**простра́нство околоземно́е** — Жер айланасындагы мейкиндик.

**простра́нство окололу́нное** — Ай айланасындагы мейкиндик.

**простра́нство околоплане́тное** — планета айланасындагы мейкиндик.

**простра́нство околосо́лнечное** — Күн айланасындагы мейкиндик.

**противове́с** — теңдөөчү (телескоптун трубасынын салмагын теңдөө үчүн телескоп бекитилген октун карама-каршы учуна илинген жүк).

**противоро́синки** — шүүдүрүмдөн сактагыч (шүүдүрүмдөн сактоо үчүн телескоптун объективине кийгизилген кыска көңдөй цилиндр).



**противосия́ние** — карама каршы жаркыроо (Жердин газ куйругунда Күндүн нурларынын чачылышынан келип чыккан Күнгө карама-каршы жактагы жаркыроо).

**противостоя́ние** — тогошуу (Күн, Жер тышкы планета айтылган ирети менен бир түз сызыкта болуп калышы).

**протозвёздное о́блако** — прото жылдыздык булут (жылдыздар пайда болгон алгачкы материалдын булуту).

**протоплане́тное о́блако** — протопланеттик булут (планеталар пайда болгон алгачкы материалдын булуту).

**протубера́нец** — протуберанец (Күн тутулган кезде же өзгөчө куралдар менен байкоо жүргүзүлгөн кезде Күндүн дискасынын четинде көрүнүүчү атырылып чыккан кызыган газдардын массасы).

**протубера́нец акти́вный** — активдүү протуберанец (кызыган массаларынын которулушу бат болуучу протуберанец).

**протубера́нец изве́рженный** — атылып чыккан протуберанец (бийиктиги $10^6$ *км* ге чейин ылдамдыгы 600—700 *км/сек* чейин болгон протуберанец).

**протубера́нец корона́льный** — таажылык протуберанец (хромосферанын үстүндө анчалык чоң эмес булуттар түрүндө пайда болуп анан кошулуп хромосферагы көздөй жаркыроочу агымды түзүүчү протуберанецтер).

**протубера́нец металли́ческий** — металлдык протуберанец (негизинен металлдардын

буусунан туруучу протуберанец).

протубера́нец незави́симый — көз карандысыз протуберанецтер (Күндүн бетиндеги тактар менен байланышы жок протуберанецтер. Алар тактар жок жерлерде дагы байкалат).

протубера́нец облакообра́зный — булутка окшош протуберанец (формасы, турумдуу жана өлчөмү чоң протуберанец).

протубера́нец с обра́тным вы́бросом — кайра атылуучу протуберанец.

протубера́нец свя́занный — байланышкан протуберанец (негизинде Күндүн бетиндеги тактар менен байланыштуу болгон протуберанец).

протубера́нец споко́йный — тынч протуберанец (*к:* протуберанец облакообразный).

протубера́нец-спектроско́п — протуберанец - спектроскоп (протуберанецтин спектрине байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү курал).

протубера́нец ти́па «торна́до» — «торнадо» тибиндеги протуберанец.

протубера́нец электромагни́тный — электромагниттик протуберанец.

протубера́нец эрупти́вный — эруптивдик протуберанец (*к:* протуберанец изверженный).

протяже́нность спе́ктра — спектрдин созулушу.

прохожде́ние Вене́ры по ди́ску Со́лнца — Күндүн дискасы боюнча Чолпондун өтүшү (ушул кубулушка карап М. В. Ломоносов Чолпондун калың атмосферасы бар экендигин тапкан).

прохожде́ние спу́тника по ди́ску плане́ты — планетанын дискасы боюнча спутниктин өтүшү.

Процио́н — Процион (Малый Пёс топ жылдызынын $\alpha$-жылдызы).



про́филь Луны́ — Айдын профили.

Пряма́я Стена́ — Түз Дубал (узундугу 120 *км* бийиктиги 500 *м* болгон Айдын бетиндеги тоо кыркасы).

прямо́е восхожде́ние — түз чыгыш (координаталардын экваториалдык системасынын координатасы).

прямо́е движе́ние плане́т — планеталардын түз кыймылы (планеталардын батыштан чыгышты көздөй көрүнүүчү кыймылы).

Птоломе́й — Птоломей (диаметри 175 *км* максималдуу бийиктиги 2300 *м* болгон Айдын бетиндеги цирк).

Пуассо́н — Пуассон (Айдын бетиндеги кратер).

пульси́рующий га́зовый ша́р — пульсациялоочу газ шары (цефеидалар).

пу́нкт астрономи́ческий — астрономиялык пункт (географиялык координаталары так аныкталган пункт).

Пурба́х — Пурбах (Айдын бетиндеги цирк).

путево́дная звезда́ — жол көрсөткүч жылдыз (көбүнчө Алтын Казык).

пу́ть ви́димый — көрүнүүчү жол (асман телосунун көрүнүүчү жолу, көбүнчө чыныгы жолу менен дал келбейт).

пу́ть и́стинный — чыныгы жол (асман телосунун кыймыл жолу).

пылева́я оболо́чка Земли́ — Жердин чаң кабыгы (Күндүн нурларынын таасири астында заряддалган космостук чаң, Жердин ионосферасы жана магнит талаасы менен кармалып Жерди курчап турат).

пылева́я тума́нность — чаң тумандуулугу (космостук мейкиндикте учурай турган өтө сейрек чаң булуттары).

пя́тница — жума (жуманын бешинчи күнү).

пятно́ — так (Күндүн дисқасынын бетинде байкалуучу жалпы фонго караганда күңүртүрөөк так).

пятно́ биполя́рное — биполярдуу так (эки магниттик уюлдуу так).

пятно́ Ву́да — Вуддун тагы (Айдын бетиндеги кызғылтыраак так).

пятно́ головно́е — башкы так (Күндүн өз огунун тегерегинде айлануу багыты боюнча алынганда кош тактын алдынкы тагы).

пятно́ двойно́е — кош так.

пятно́ Кра́сное — Қызыл так (Юпитердин бетинде 1879-ж. табылган так).

пятно́ кра́тное — эселенген так (экиден ашык сандан турган тактардын группасы).

пятно́ одино́чное — жеке так.

пятно́ све́тлое — жарык так.

пятно́ со́лнечное — Күндүн тагы (температурасы фотосферанын температурасынан болжол менен 1000° төмөн болгон Күндүн бетинин участкалары).

пятно́ тёмное — күңүрт так.

пятнообразова́тельная де́ятельность Со́лнца — Күндүн так пайда кылуу аракети.

## Р

равноде́нствие весе́ннее — жазгы күн-түн теңелүү (21-март).

равноде́нствие осе́ннее — күзгү күн-түн теңелүү (23-сентябрь).

равноде́нственные то́чки — күн-түн теңелүү точкалары (асман экватору менен эклиптиканын кесилиш точкалары).

равноде́нственный колю́р — күн-түн теңелүү колюру (жазгы күн-түн теңелүү точкасы аркылуу өтүүчү жантаюу тегереги).

радиа́льная компоне́нта ско́рости иску́сственного спу́тника Земли́ — Жердин жасалма спутнигинин ылдамдыгынын радиалдык компонентасы (спутниктин толук ылдамдыгынын көрүү нурдун багытына болгон проекциясы).

радиа́нт — радиант (метеорлордун траекторияларынын уландыларынын кесилиш точкасы).

радиа́ция — радиация (ар кандай нурланыш).

радиа́ция га́мма луче́й — гамма нурларынын радиациясы (эң кыска электромагниттик толкундун радиациясы).

радиа́ция корпускуля́рная — корпускулярдык радиация (заряддалган бөлүкчөлөрдүн радиациясы).

радиа́ция косми́ческая — космостук радиация (заряддалган бөлүкчөлөрдүн жана ар кандай узундуктагы электромагниттик толкундун радиациясы).

радиа́ция рентге́новская — рентгендик радиация (космостук мейкиндиктен жана Күндөн келүүчү рентген нурлары).

радиа́ция теплова́я — жылуулук радиациясы.

радиа́ция ультрафиоле́товая — ультрафиолеттик радиация.

радиоастроно́мия — радиоастрономия (асман телолордун, жылдыздар арасындагы материянын радио нурланышына жана радиолокациялык методдор менен метеорлорго изилдөө жүргүзүүчү астрономиянын тармагы).

радиоастрономи́ческое иссле́дование — радиоастрономиялык изилдөө.

радиоастрономи́ческое наблюде́ние — радиоастрономиялык байкоо.

| | |
|---|---|
| радиовосхо́д спу́тника | спутниктин радио чыгышы (Жердин ийрилигинен спутниктин радио сигналдарынын пайда болушу). |
| радиовсплéск Со́лнца | Күндүн радио чайпалышы (Күндүн радио нурланышынын кескин түрдө өсүп кетиши). |
| радиогала́ктика | радиогалактика (В. Бааде жана Р. Минковскийдин пикири боюнча бири-бири менен кагылышкан эки галактиканын радио нурланышы). |
| радиогала́ктика компа́ктная | компакттуу радио галактика (жарыктануучулугу өтө күчтүү галактика). |
| радиозахо́д спу́тника | спутниктин радио батышы (Жердин ийрилиги аркасында спутниктин сигналдарынын жоголушу). |
| радиозвёзды | радио жылдыздар (бурчтук өлчөмдөрү өтө кичине, бирок радио нурланыштын интенсивдүүлүгү чоң болгон объектилер). |
| радиоизлучéние Венéры | Чолпондун радио нурланышы (Чолпондун радио толкундарды нурлантышы). |
| радиоизлучéние внеземно́е | Жерден тышкары радио нурланыш (асман телолору тарабынан чыгарылган радио толкундар). |
| радиоизлучéние Гала́ктики | Галактиканын радио нурлантышы (негизинен эки бөлүктөн турат. Биринчисинин сезимдүү галактикалык концентрациясы бар жана анын интенсивдүүлүгүнүн максимуму Галактиканын борбору жагында байкалат. Экинчисинин галактикалык концентрациясы жок. Бул радио нурланыш космосто чоң ылдамдануу менен магнит талааларында кыймылга келген бош электрондор менен байланыштуу). |
| радиоизлучéние звёзд | жылдыздардын радио нурлантышы (жылдыздар тарабынан радио толкундардын нурлантылышы). |
| радиоизлучéние Ко́смоса | космостун радио нурлантышы (ар кандай космостук объектилер — жылдыздар, планеталар, заряддалган бөлүкчөлөр, жылдыздар арасындагы материя, башка галактикалар тарабынан нурлантылган радио толкундар). |
| радиоизлучéние Луны́ | Айдын радио нурлантышы. |
| радиоизлучéние межзвёздного водоро́да | жылдыздар арасындагы водороддун радио нурлантышы (жылдыздар арасындагы иондоштурулган водороддун булуттары тарабынан нурландырылган радио толкундар). |
| радиоизлучéние планéт | планеталардын радио нурлантышы. |
| радиоизлучéние Со́лнца | Күндүн радио нурлантышы. |
| радиоизлучéние Юпи́тера | Юпитердин радио нурлантышы (Чолпондун радио нурлантышына окшош). |
| радиоинтерференцио́нный мéтод | радиоинтерференциялык метод (радио толкундардын интерференциясына негизделген изилдөө методу). |
| радиоинтерферо́метр | радиоинтерферометр (радио толкундардын интерференциялык касиетине негизделинип жасалган курал). |
| радиолокацио́нная астрометри́я | радиолокациялык астрометрия (радиолокациялык методдорго негизделип ас- |

| | |
|---|---|
| | ман телолоруна чейинки аралыктарды, алардын өлчөмдөрүн, өз ара авалдарын аныктоочу астрономиянын бөлүгү). |
| радиолокацио́нная астроно́мия | радиолокациялык астрономия (асман телолорун изилдөөдө радиолокациялык методдор колдонулуучу астрономия). |
| радио́метр | радиометр (радиацияны ченөөчү курал). |
| радиометри́ческая аппарату́ра | радиометрлик аппаратура (радиациянын интенсивдүүлүгүн ченөөчү аппаратура). |
| радиометри́ческая звёздная величина́ | радиометрлик жылдыз чоңдугу (радиометр менен аныкталган жылдыз чоңдугу). |
| радионаблюде́ние | радиобайкоо (радиотехникалык методдор менен асман телолоруна байкоо жүргүзүү). |
| радиоокно́ земно́й атмосфе́ры | Жер атмосферасынын радио терезеси (Жердин атмосферасы бардык узундуктагы радио толкундарды өткөрбөйт. Ошондуктан Жер атмосферасы аркылуу узундугу 3 *см* ден 15—30 *м* ге чейин болгон радио толкундар гана өтө алат. Ушул узундуктагы радио толкундар Жер атмосферасынын радио терезеси деп аталат). |
| радиотелеметри́ческая аппарату́ра | радиотелеметрлик аппаратура (изилдөөдө табылган чоңдуктардын маанилерин радио аркылуу аралыкка берүүчү аппаратура). |
| радиотелеметри́ческая систе́ма | радиотелеметрлик система. |
| радиотелеско́п | радиотелескоп (космостук радио нурланышты кабыл |



| | |
|---|---|
| | алуучу антеннага туташтырылган өзгөчө сезимдүү радиоприёмник). |
| радиотелескопи́ческое иссле́дование | радиотелескоптук изилдөө. |
| радиотелескопи́ческое наблюде́ние | радиотелескоптук байкоо. |
| радиотума́нность | радиотумандуулук (күчтүү радио нурланышты берүүчү экинчи типтеги өтө жаңы жылдыздардын калдыктары). |
| ра́диус-ве́ктор плане́ты | планетанын радиус-вектору (Күн менен планетаны туташтырып туруучу түз сызык). |
| ра́диус-ве́ктор спу́тника | спутниктин радиус-вектору (жердин борбору менен спутникти туташтырып туруучу түз сызык). |
| ра́диус дифракцио́нного ди́ска звезды́ | жылдыздын дифракциялык дискасынын радиусу (жылдызга телескоп менен байкоо жүргүзгөндө жылдыздын сүрөттөлүшү точка түрүндө түшпөстөн дифракция болгондуктан диска түрүндө болуп көрүнөт). |
| ра́диус лине́йный | сызыктуу радиус (радиустун сызыктуу чен бирдиги менен туюнтулган мааниси, мисалы: *км, метр* ж. б.). |
| ра́диус небе́сного те́ла | асман телосунун радиусу. |
| ра́диус поля́рный | уюлдук радиус (асман телосунун борборунан уюлуна чейинки аралык). |
| ра́диус углово́й | бурчтук радиус (радиустун бурчтук чен бирдиктери менен туюнтулган мааниси, мисалы: *градус, минута, сек*). |
| ра́диус экваториа́льный | экваториалдык радиус (асман телосунун экватору- |

| | |
|---|---|
| | нан борборуна чейинки аралык). |
| раздвижно́й лю́к | эки жакка ачылуучу люк (эки жакка бөлүнүп ачылуучу, астрономиялык куралдар жайланыштырылган мунаралардын төбөсү). |
| раздвое́ние спектра́льных ли́ний | спектралдык сызыктардын кош болуп кетиши (электр жана магнит талааларды таасири астында жарык чыгаруучунун ар бир спектралдык сызыгынын экиге ажыралып кетиши). |
| разделе́нные ли́нии | ажыралган сызыктар (спектрде бири-бирине өтө жакын бирок айрым болуп көрүнгөн сызыктар). |
| разреже́нная пла́зма | сейректелген плазма. |
| разреша́ющая си́ла телеско́па | телескоптун чечүүчү күчү (телескоптун эки бири-бирине өтө жакын жылдызды айрым кылып сездирүү жөндөмдүүлүгү). |
| разреша́ющая спосо́бность радиотелеско́па | радиотелескоптун чечүү жөндөмдүүлүгү (радиотелескоптун бири-бирине өтө жакын булактарды айрым кылып сездирүү жөндөмдүүлүгү). |
| разреше́нные ли́нии спе́ктра | спектрдин чечилген сызыктары (эки өтө жакын спектралдык сызыктардын айрым болуп көрүнүшү). |
| разреше́нные ли́нии спе́ктра | спектрдин тыйылбаган сызыктары (кадимки шарттарда пайда болуучу спектралдык сызыктар). |
| Ра́йская Пти́ца | Бейиш Кушу (топ жылдыз). |
| Ра́к | Рак (топ жылдыз). |
| раке́та | ракета. |
| раке́та баллисти́ческая | баллистикалык ракета. |
| раке́та высо́тная | бийиктик ракета. |
| раке́та геофизи́ческая | геофизикалык ракета. |



| | |
|---|---|
| раке́та глоба́льная | глобалдык ракета. |
| раке́та-зо́нд | ракета-зонд. |
| раке́та косми́ческая | космостук ракета. |
| раке́та межконтинента́льная | континент аралык ракета. |
| раке́та многоступе́нчатая | көп баскычтуу ракета. |
| раке́та-носи́тель | ракета алып жүргүч. |
| раке́та самоуправля́емая | өзүн өзү башкарып жүрүүчү ракета. |
| раке́та управля́емая | башкарылуучу ракета. |
| раке́тная те́хника | ракеталык техника. |
| раке́тная эскадри́лья | ракеталар эскадрильясы (К. Э. Циолковскийдин идеясы боюнча жанаша кошулган бир канча ракетанын бирикмеси). |
| раке́тное то́пливо | ракеталык отун (күйүүчү зат менен кычкылданткычтын аралашмасы). |
| раке́тный по́езд | ракеталык поезд (К. Э. Циолковскийдин идеясы боюнча удаалаш кошулган бир канча ракетанын бирикмеси). |
| ракетодина́мика | ракетодинамика (ракеталардын учуу теориясы жөнүндөгү илим). |
| ракетоиска́тель | ракета издөөчү. |
| ракетопла́н | ракетоплан (канаттуу ракета). |
| Рамсде́н | Рамсден (Айдын бетиндеги кратер). |
| ра́нний спектра́льный кла́сс | алдыңкы спектралдык класс (O, B, A, жана F спектралдык класстар). |
| раскры́тие кольца́ Сату́рна | Сатурндун шакегинин ачылышы (Сатурндун шакегине жүргүзүлгөн нормаль менен көрүү багытынын ортосундагы бурч минималдуу болгон учур). |
| распа́д коме́т | кометалардын таралышы |
| распределе́ние я́ркости по ди́ску плане́ты | планетанын дискасы боюнча ачыктыктын бөлүнүштүрүлүшү. |
| рассе́яние све́та | жарыктын чачылышы. |

| | |
|---|---|
| рассе́янные звёздные скопле́ния | жылдыздардын чачылган топтолушу (мисалы; Үркөр). |
| расстоя́ние ви́димое | көрүнүүчү аралык. |
| расстоя́ние гелиоцентри́ческое | гелиоцентрлик аралык (Күндүн борборунан баштап эсептелген аралык). |
| расстоя́ние до звёзд | жылдыздарга чейинки аралык. |
| расстоя́ние зени́тное | зениттик аралык (зениттен жарык чыгаруучуга чейинки бурчтук аралык). |
| расстоя́ние и́стинное | чыныгы аралык. |
| расстоя́ние лу́нного периге́я от восходя́щего узла́ лу́нной орби́ты | Айдын перигейинен Айдын орбитасынын чыгуучу түйүнүнүн алыстыгы. |
| расстоя́ние наблюдённое | байкалган аралык. |
| расстоя́ние периге́я от узла́ | перигейдин түйүндөн алыстыгы (орбитанын чоң огу менен түйүндөр сызыгы ортосундагы жаа, ☊ П. к: 2-сүр.). |
| расчётная орби́та | эсептелген орбита. |
| расчётная траекто́рия | эсептелген траектория. |
| расщепле́ние спектра́льных ли́ний | спедтралдык сызыктардын ажыралышы (электр, магнит талааларынын таасири астында же кош жылдыздардын спектрлеринде спектралдык сызыктын экиге же андан ашык санга ажыралып кетиши). |
| Региомо́нтан | Региомонтан (Айдын бетиндеги цирк). |
| регистри́рующий микрофото́метр | регистрациялоочу микрофотометр (жылдыздардын жылтырашын ченөөдө колдонулуучу курал). |
| регистри́рующий хроно́метр | регистрациялоочу хронометр (убакытты так аныктоодо пайдалануучу саат). |
| регмагли́пты | регмаглиптер (жумшак ылайда калган бармактардын изине окшош болгон |



| | |
|---|---|
| | метеориттерде учуратылуучу издер). |
| регре́ссия ли́нии узло́в | түйүндөр сызыгынын регрессиясы (түйүндөр сызыгынын асман телосунун кыймылына карама-каршы багыт боюнча кыймылга келиши). |
| регре́ссия периге́я | перигейдин регрессиясы. |
| регре́ссия узла орби́ты | орбитанын түйүнүнүн регрессиясы. |
| Ре́гул | Регул (Арстан топ жылдызынын α-жылдызы). |
| редукцио́нные величи́ны | редукциялык чоңдуктар (жылдыздардын чыныгы кординаталарын өзгөртүүчү себептер: рефракция, прецессия, аберация ж. б.). |
| реду́кция | редукция (жылдыздардын так абалдарын аныктоодо бардык редукциялык чоңдуктарды эске алуу). |
| Резе́ц | Кескич (топ жылдыз). |
| Ре́йнер | Рейнер (Айдын бетиндеги кратер). |
| Рейнго́льд | Рейнгольд (Айдын бетиндеги кратер). |
| Ре́йта | Рейта (Айдын бетиндеги кратер). |
| релятиви́стская тео́рия тяготе́ния | тартылуунун релятивисттик теориясы. |
| Реомю́р | Реомюр (Айдын бетиндеги кратер). |
| Репсо́льд | Репсольд (Айдын бетиндеги кратер). |
| рефле́ктор | рефлектор (оптикалык системасы негизинен күзгүдөн турган телескоп). |
| рефра́ктор | рефрактор (оптикалык системасы линзалардан турган телескоп). |
| рефра́кция | рефракция (нурдун Жер атмосферасында сынышы аркасында таралуу багытынын өзгөрүшү). |

рефра́кция астрономи́ческая — астрономиялык рефракция (жарык чыгаруучунун көрүнүүчү багыты менен ошол жарык чыгаруучудан келген нурдун боштукта таралуу багыты ортосундагы бурч).
рефра́кция горизонта́льная — горизонталдык рефракция (жарык чыгаруучунун зенит аралыгы 90° барабар болгон кездеги рефракция).
рефра́кция и́стинная — чыныгы рефракция
рефра́кция по Гю́льдену — Гюльден боюнча рефракция.
рефра́кция сре́дняя — орточо рефракция (59″,2).
Ре́я — Рея (диаметри 1750 *км* болгон Сатурндун спутниги).
Рёмер — Рёмер (Айдын бетиндеги кратер).
Ри́гель — Ригель (Орион топ жылдызынын β-жылдызы).
Ри́гил — Ригил (Кентавр топ жылдызынын α-жылдызы).
ритми́ческие сигна́лы — ритмдүү сигналдар (так убакытты радио менен таратууда атайын берилүүчү өзгөчө сигналдар).
Ри́ттер — Риттер (Айдын бетиндеги кратер).
Ри́ччи — Риччи (Айдын бетиндеги кратер).
Риччио́лли — Риччиолли (диаметри 175 *км* болгон Айдын бетиндеги кратер).
рога́ Вене́ры — Чолпондун мүйүздөрү (Чолпон Айга окшоп фазаларын өзгөртөт, ошондуктан ал дагы кээ бир убакытта орок түрүндө болуп көрүнөт. Ошол ороктун эки учу мүйүздөр деп аталат).
ро́д орби́ты — орбитанын түрү (эллипстик, параболалык, гиперболалык).
ро́й теле́ц — майда бөлүкчөлөрдүн уюгу



(космостук мейкиндикте учуратылуучу майда чаң, таш, муз бөлүктөрүнүн чогуусу).
Ро́с-Альха́г — Рос-Альхаг (Змееносец топ жылдызынын α-жылдызы).
Ро́сс — Росс (Айдын бетиндеги кратер).
рту́тный ма́ятник — сымап маятниги (так жүрүүчү астрономиялык сааттарда пайдаланылуучу маятник).
ручно́е управле́ние корабля́-спу́тника — корабль-спутникти кол менен башкаруу.
Ры́бы — Балыктар (зодиакалдык топ жылдыз).
Ры́сь — Рысь (топ жылдыз).

## С

Са́бин — Сабин (Айдын бетиндеги кратер).
сагиттари́ды — сагиттариддер (радианты Аткыч топ жылдызында болгон метеордук агым).
сагитти́ды — сагиттидалар (радианты Жебе топ жылдызында болгон метеордук агым).
Сакробо́ско — Сакробоско (Айдын бетиндеги кратер).
самосветя́щиеся небе́сные тела́ — өздөрү жарык чыгаруучу асман телолору (жылдыздар).
Сантбе́к — Сантбек (Айдын бетиндеги кратер).
са́рос — сарос (18 *жыл* 10 *сутка,* 18 жыл 11 суткага барабар болгон тутулуунун кайталануу мезгили).
Сату́рн — Сатурн (Күндүн тегерегинде алтынчы орунду ээлөөчү планета).
сверхгала́ктика — сверхгалактика (10 000 галактикага жакын, борбору Кыз топ жылдызында жай-

ланышкан галактикалардын чогуусу. Биздин Галактикадагы сверхгалактиканын мүчөсү. Ал сверхгалактиканын борборунун тегерегинде 500 *км/сек* ылдамдык менен кыймылга келет).

сверхгига́нты — сверхгиганттар (диаметрлери Биздин Күндүн диаметринен бир канча жүз же миң эсе чоң болгон жылдыздар. Алар Ресселдин диаграммасынын Ia, Iб бутактарын бойлоп жайланышкан. *к:* 1-сүр).

сверхзвёзды — сверх жылдыздар (1963-ж. табылган өзгөчө жылдыз. Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча бул радиациялык алкак менен курчалган коллапстоочу жылдыз).

сверхко́рона — сверхкорона (Күндүн таажысынын эң сырткы бөлүгү).

сверхно́вые звёзды — өтө жаңы жылдыздар (капысынан жылтырашы бир канча ондогон миң эсеге чейин чоңоюсунун аркасында жаркырап көрүнүүчү жылдыздар).

сверхсисте́ма гала́ктик — галактикалардын сверхсистемасы (*к:* сверхгалактика).

свети́ло — жарык чыгаруучу.

свети́мость — жарыктануучулук (Күнгө салыштырганда жылдыздын жарык күчүн мүнөздөөчү чоңдук $\lg L = 0{,}4\ (4{,}73 - M)$. мында L — жарыктануучулук, M — жылдыздын абсолюттук чоңдугу).

свети́мость ночно́го не́ба — түнкү асмандын жарыктануучулугу.



све́тлая диффу́зная тума́нность — жарык диффузиялык тумандуулук (космосто кездешүүчү негизинен сейректелген газдан турган булут).

светлота́ — жарыктык (ачыктыктын коэффициенти деген маанide).

светлота́ лу́нных дета́лей — Айдын деталдарынын жарыктыгы.

све́тлые лучи́ — жарык нурлар (Айдың бетиндеги ачык түз сызыктар).

светово́е давле́ние — жарыктын басымы.

светово́е уравне́ние — жарыктын теңдемеси (кыска мезгилдүү өзгөрүлмө жылдыздарга байкоо жүргүзгөн кезде Жердин кыймылына киргизилген түзөтүү $\Delta t = 0{,}^d0058 \cos(l_\odot - \lambda) \cdot \cos\beta$ мында $\lambda$, $\beta$ — жылдыздын эклиптикалык координаталары, $l_\odot$ — Күндүн узундугу).

светово́й го́д — жарык жылы (жарыктын бир жыл ичинде өткөн аралыгы 1 жарык жылы= 0,3069 парсек=63204 астрономиялык бирдик= ,9463$\cdot 10^{12}$ *км*).

светові́е элеме́нты переме́нной звезды́ — өзгөрүлмө жылдыздын жарыгынын элементтери (өзгөрүлмө жылдыздын кандайдыр баштапкы максимумун мүнөздөөчү чоңдуктар: $T_0$ — эпоханын башталышын, P — мезгилдин узундугу. $M_{max} = T_0 + nP$, n — эпоханын саны).

све́т орео́ла — ореолдун жарыгы.

светоси́ла объекти́ва — телескоптун объективинин жарык күчтүүлүгү ($A^2 = \frac{D^2}{\Phi}$ мында $D^2$ — объектив-

| | |
|---|---|
| | дин диаметри, Ф — объективдин фокус аралыгы). |
| светоси́льный астро́граф | жарыгы күчтүү астрограф (жарык күчтүүлүгү чоң болгон асман телолорун фотографиялоочу телескоп). |
| светоси́льный небуля́рный спектро́граф | жарыгы күчтүү небулярдык спектрограф (жарык күчтүүлүгү чоң болгон, тумандуулуктардын спектрлерин фотографиялоочу оптикалык курал). |
| светофи́льтр | жарык фильтри (белгилүү эле өңдөгү жарыкты өткөрүүчү система). |
| свече́ние | жаркыроо. |
| свече́ние непреры́вного фо́на | туташ фондун жаркырашы. |
| свобо́дная либра́ция по долготе́ | узундук боюнча эркин либрация (мезгили 189 суткага барабар болгон Айдын либрациясы). |
| сво́д | чүмкөк. |
| сво́д небе́сный | асман чүмкөгү. |
| сеа́нс свя́зи с межплане́тной ста́нцией | планеталар аралык станция менен байланыш сеансы. |
| се́вер | түндүк. |
| Се́верная Коро́на | Түндүк Таажы (топ жылдыз, элдик наамы — Каркыра). |
| Северные Таури́ды | Түндүк тауридалар (радианты Телец топ жылдызында болгон метеордук агым. Максимуму 8-ноябрда байкалат). |
| се́верный по́люс | түндүк уюл. |
| се́верный по́люс Гала́ктики | Галактиканын түндүк уюлу. |
| се́верный по́люс Земли́ | Жердин түндүк уюлу. |
| се́верный по́люс Луны́ | Айдын түндүк уюлу. |
| се́верный по́люс ми́ра | ааламдын түндүк уюлу (болжол менен Алтын Казык жылдызында жатат). |
| се́верный по́люс плане́ты | планетанын түндүк уюлу. |
| се́верный по́люс Со́лнца | Күндүн түндүк уюлу. |
| се́верный по́люс экли́птики | эклиптиканын түндүк уюлу. |



| | |
|---|---|
| се́верный поля́рный кру́г | түндүк уюлдук айлана (шарт боюнча Жердин бетинде суук жана мээлүүн алкактарды чектеп туруучу +66°,33′ кеңдикте жайланышкан айлана). |
| Се́верный Поля́рный Ря́д | Түндүк Уюлдук Катар (эл аралык фотометрлик стандарттын ролун аткаруучу ааламдын түндүк уюлуна жакын жайланышкан 70 жакын жылдыз). |
| се́верный тро́пик | түндүк тропик (шарт боюнча ысык алкак менен мээлүүн алкакты чектеп туруучу кеңдиги +23°27′ барбар болгон Жердин бетиндеги айлана). |
| Се́гнер | Сегнер (Айдын бетиндеги кратер). |
| сейсми́ческие во́лны | сейсмикалык толкундар (Жер титиреген кезде Жерди бойлоп таралуучу термелүүлөр). |
| секста́нт | секстант (жарык чыгаруучулардын бийиктигин ченөөчү курал). |
| Секста́нт | Секстант (топ жылдыз). |
| секу́нда | секунда (1900 жылдын тропикалык жылынын $\frac{1}{31\,556\,925{,}9747}$ бөлүгү). |
| Селе́вк | Селевк (Айдын бетиндеги кратер). |
| селекти́вное давле́ние | ылгоолуу басым (Күндүн нурларынын басым күчү басым жасалуучу заттын тыгыздыгына көз каранды болушу). |
| селекти́вное поглоще́ние | ылгоолу жутулуу (ак жарыктын белгилүү эле өңдөгү жарыгынын жутулушу). |
| селено́граф | селенограф (Айдын түзүлү- |

шүнө изилдөө жүргүзүүчү адис).

| | |
|---|---|
| селенографи́ческая долгота́ | селенографиялык узундук (координаталардын селенографиялык системасынын координатасы). |
| селенографи́ческая систе́ма координа́т | координаталардын селенографиялык системасы (Айдын бетиндеги деталдын абалын аныктоо үчүн кабыл алынган координаталардын сфералык системасы). |
| селенографи́ческая широта́ | селенографиялык кеңдик (координаталардын селенографиялык системасынын координатасы). |
| селеногра́фия | селенография (Айдын түзүлүшү жөнүндөгү илим). |
| селено́лог | селенолог (Айдын ички түзүлүшүн, анын формасын изилдөөчү адис). |
| селеноло́гия | селенология (Айдын формасын жана ички түзүлүшүн изилдөөчү илим). |
| селено́ид | селеноид (Айдын чыныгы формасын туюнтуучу фигура). |
| селенологи́ческая эпо́ха | селенологиялык эпоха (геологиялык эпоха дегенге окшош, бирок Айга карата). |
| селенофи́зика | селенофизика (Айдагы физикалык шарттарды жана кубулуштарды изилдөөчү илим). |
| селенохи́мия | селенохимия (Айдагы химиялык процесстерди жана кубулуштарды изилдөөчү илим). |
| селеноцентри́ческая долгота́ | селеноцентрлик узундук (координаталардын селеноцентрлик системасынын координатасы). |
| селеноцентри́ческая систе́ма координа́т | координаталардын селеноцентрлик системасы (координатанын башталгычы Айдын борборунда жайланышкан координаталардын системасы). |
| селеноцентри́ческая широта́ | селеноцентрлик кеңдик (координаталардын селеноцентрдик системасынын коородинатасы). |
| «семе́йство коме́т Юпи́тера» | «Юпитердин бүлөсүнүн кометалары» (афелийлери Юпитердин орбитасына жакын болгон кометалар). |
| сентя́брь | сентябрь (жылдын тогузунчу айы). |
| серебри́стые облака́ | күмүш түстүү булуттар (70—80 *км* бийиктикте пайда болуучу өзгөчө булуттар). |
| се́рия Ба́льмера | Бальмердин сериясы (водороддун спектринин көрүнүүчү бөлүгүндө жайланышкан спектралдык сызыктар). |
| се́рп Луны́ | Айдын орогу (Айдын жаңырар алдында же жаңыргандан кийинки көрүнүш түрү). |
| Се́тка | Торчо (топ жылдыз). |
| сжа́тие Земли́ | Жердин кысылышы ($\alpha = \frac{a-в}{a}$, мында а — Жердин экватордук радиусу, в — уюлдук радиусу). |
| сжа́тие плане́ты | планетанын кысылышы ($\alpha = \frac{a-в}{a}$, мында а — планетанын экваторилдык радиусу, в — уюлдук радиусу). |
| сжима́ющаяся оболо́чка | кысылуучу кабык (атмосферага учуп кирген метеориттин астындагы кысылган аба кабыгы). |
| сигна́л вре́мени обыкнове́нный | убакыттын кадимки сигналы |

| | |
|---|---|
| | (ар бир так сааттын акыркы беш минутасынын ичинде атайын радио аркылуу берилүүчү 59 кыска алтымышынчысы узун сигнал). |
| сигна́л вре́мени ритми́ческий | убакыттын ритмдүү сигналы (сааттарды өтө так текшерүү үчүн радио аркылуу атайын 300 *сек* ичинде өзгөчө нониус-саат менен берилүүчү 300 кыска, 6 узун сигнал). |
| сигна́л вре́мени широковеща́тельный | убакыттын кең маалымат сигналы (саат сайын радио аркылуу берилүүчү 6 кыска сигнал). |
| сигна́л геодези́ческий | геодезиялык сигнал (триангуляция жүргүзүүдө географиялык координаталары так аныкталган пункттардын үстүндө орноштурулган мунара). |
| сигна́л то́чного вре́мени | так убакыттын сигналы. |
| сидери́т | сидерит (темир метеорит). |
| сидери́ческий го́д | сидерикалык жыл (Жер Күндүн тегерегинде бир жолу айланып чыгуу үчүн кеткен убакыт — 365 *күн* 6 *саат* 9 *мин* 10 *сек*). |
| сидери́ческий ме́сяц | сидерикалык ай (Ай Жердин тегерегинде бир жолу айланып чыгуу үчүн кеткен убакыт — 27 *сутка*, 7 *саат* 43 *мин* 12 *сек*). |
| сидери́ческий пери́од обраще́ния | айлануунун сидерикалык мезгили (жандоочу тело борбордук телону бир толук айланып чыгуу үчүн кеткен убакыт). |
| сизи́гий | сизигий (Айдын Жер менен Күндү туташтырып туруучу сызыкта болгон кези). |
| си́ла притяже́ния | тартылуу күчү. |
| си́ла све́та звезды́ | жылдыздын жарык күчү. |



| | |
|---|---|
| си́ла тяготе́ния | тартуу күчү. |
| си́ла тя́жести | салмак күчү. |
| силово́е по́ле | күч талаасы (гравитациялык, магнит, электр талаалары). |
| Симпе́лий | Симпелий (Айдын бетиндеги кратер). |
| синдина́ма | синдинама (бирдей баштапкы шартта, бирок түрдүүчө убакыт ичинде кометанын ядросунан учуп чыккан бөлүкчөлөрдүн кыймылынын ийриси). |
| синоди́ческий ме́сяц | синодикалык ай (Айдын удаалаш бир атташ фазаларынын ортосундагы убакыт — 29 *сутка* 12 *саат* 43 *мин* 3 *сек*). |
| синоди́ческий пери́од обраще́ния | айлануунун синодикалык мезгили (планетанын эки бир атташ конфигурациясынын ортосундагы убакыт). |
| синхротро́нное излуче́ние | синхротрондук нурланыш (*к.* космическое нетеплевое излучение). |
| Си́риус | Сириус (Большой Пёс топ жылдызынын $\alpha$ — жылдызы, элдик наамы — Ак жылдыз). |
| систе́ма астрономи́ческая | астрономиялык система. |
| систе́ма координа́т | координаталар системасы. |
| систе́ма координа́т ареографи́ческая | координаталардын ареографиялык системасы (Марстын бетиндеги деталдын абалын аныктоо үчүн кабыл алынган координаталардын сфералык системасы). |
| систе́ма координа́т ареоцентри́ческая | координаталардын ареоцентрлик системасы (эсеп башталгычы Марстын борборунда жайланышкан координаталардын системасы). |

| | |
|---|---|
| систéма координáт галактúческая | координаталардын галактикалык системасы (негизги тегиздик үчүн галактиканын тегиздиги алынган координаталардын системасы). |
